**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ
ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**К.КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ
БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР
АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**Д.10.14.501 диссертациялык кеңеши**

**Кол жазма укугунда**
**УДК 809.4 (575.2) (043.3)**

**Джаманкулова Кульжамал Тологоновна**

# КЫРГЫЗ ЖАЗУУСУНУН ТАРЫХЫЙ ӨНҮГҮШҮ

**(байыркы замандардан биздин замандын X кылымына чейин)**

**10.02.01 - кыргыз тили**

**Филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2016**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунда аткарылды.

**Илимий кеңешчи:** КР УИАнын корр.-мүчөсү **Аскар Турсунов**

**Расмий оппоненттер:** Филология илимдеринин доктору, профессор
**Токоев Таалайбек Токтосунович**

Филология илимдеринин доктору, доцент
**Саматов Кубатбек**

Филология илимдеринин доктору, доцент
**Атакулова Мээрим Абдыкеримовна**

**Жетектөөчү мекеме:** Кыргыз-Түрк Манас университетинин
Гуманитардык факультетинин түркология бөлүмү,
Дареги: 720044, Бишкек шаары, Жал кичи району,
Тыналиев көчөсү, 30-43.

Диссертациялык иш 2016-жылдын 7-июнунда саат 10.00 дө К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.10.14.501 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертациялык иш менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265-а.

Автореферат 2016-жылдын 7-майында жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
филология илимдеринин кандидаты,
доцент Жайлообаев Б.А.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Диссертациялык иштин актуалдуулугу биринчиден, байыркы замандардан биздин замандын X кылымына чейинки кыргыздар колдонгон жазуулардын тарыхый өнүгүшүнүн бүгүнкү күнгө чейин атайын изилдөөгө алына электиги; экинчиден, байыркы кыргыз жазууларынын тиешелүү классификацияга бөлүнбөгөндүгү; үчүнчүдөн, байыркы жазуулардын нака жазууга чейинки коммуникативдик каражат катары аныкталбагандыгы; төртүнчүдөн, байыркы кыргыз жазууларына кирген семасиографиянын, т.а., жазуунун сүрөттүк (пиктографиялык жазуу) ыкмасынын, идентификациялык-мнемоникалык ыкмадагы эн тамгалардын, сөздүк (логографиялык) жазуулардын табиятынын, аткарган коммуникативдик кызматынын, камтыган маанилеринин бүгүнкү күнгө чейин сыпаттала электиги; бешинчиден, байыркы кыргыз жазууларынын колдонулуш доорлорунун, таралуу ареалынын тактала электиги, аталган жазуулардын эволюциялык өнүгүү процессинин талданбагандыгы; алтынчыдан, Хакасиядагы, Тывадагы аска беттериндеги, моло таштардагы ж.б. буюмдардагы кийинки жазма белгилер - байыркы кыргыз жазууларынын традициялык уландысы экендигинин такталбагандыгы; жетинчиден, кыргыздардын б.з. X кылымына чейин фонографиянын аралаш системасын (вокалдык-тамгалык, консонанттык-тамгалык, муундук-тамгалык) колдонушкандыгы өзүнчө изилдөөнүн объектиси боло электиги; сегизинчиден, байыркы кыргыз жазууларынын тарыхтын даректүү маалымат булагы катары эсептелбей келе жаткандыгы; тогузунчудан, байыркы кыргыз эн тамгалары - орхон-енисей жазуусунун негизин түзгөндүгү тастыкталбагандыгы; онунчудан, Енисей менен Талас жазууларынын мезгили (V к.), мазмуну жана графикалык жактан окшоштугу атайын иликтенбегендиги менен түшүндүрүлөт.

**Диссертациянын темасынын мамлекеттик программалар жана илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Эмгек жекече демилге менен аткарылды, ошону менен катар эле диссертациялык иштин темасы Кыргыз мамлекетинин тарыхын жана жазуусун изилдөө программалары менен үндөшөт. 2012-жылы КРнын Жусуп Баласагын атындагы КУУда КР Жогорку кеңешинин депутаттарынын, республикадагы тарыхчылардын жана тилчилердин катышуусунда өткөрүлгөн жыйында “Кыргыз жазуусунун тарыхы” жөнүндөгү закондун долбоору талкууланып, кыргыз жазууларын изилдөөнүн зарылдыгы баса белгиленген. Учурда кыргыздардын байыркы замандардан берки тарыхын тарыхчылардан түзүлгөн топ, ошондой эле КР УИАнын Тарых институтунун кызматкерлери жазып жатышат.

2016-жылдын Кыргыз Республикасынын Президенти А.Атамбаев тарабынан “Тарых жана маданият жылы” деп жарыяланышы, КТРде “Тарых, маданият жана тил” аттуу атайын каналдын ачылышы кыргыздардын байыркы тарыхынын жана тилинин изилденишинин актуалдуу экендигин тастыктап турат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери:** Изилдөөнүн негизги **макса-**

**ты -** кыргыз жазууларынын тарыхый өнүгүшүн (байыркы замандардан биздин замандын X кылымына чейин) изилдөө, кыргыздар колдонгон жазууларды аныктоо, классификациялоо жана табиятын ачып берүү.

Бул максатты ишке ашыруу үчүн алдыга төмөнкүдөй **милдеттер коюлду:**

1) кыргыз жазууларынын кыргыз тилинде изилдениш абалын аныктоо;

2) жазуунун тарыхый өнүгүшү тууралуу эмгектерге обзор берүү;

3) байыркы замандардан баштап биздин замандын X кылымына чейинки кыргыздар колдонгон жазууларды аныктоо жана аларды классификациялоо;

4) коммуникациянын сүрөттүк (пиктографиялык жазуу) ыкмасын мүнөздөө, колдонулган доорун, таралуу ареалын тактоо, камтыган маанилерин ачып берүү;

5) "айбанаттар стилинин", тотемдердин кыргыз сүрөттүк (пиктографиялык) жазуудагы ордун белгилөө, Хакасиядагы жана Тывадагы пиктографиялык жазууларды талдоо, кийинки сүрөттөрдүн байыркы сүрөт жазууларынын традициялык уландысы экендигин айкындоо;

6) идентификациялык-мнемоникалык ыкмадагы эн тамгалардын аткарган кызматын, камтыган маанилерин ачып берүү жана кыргыз эн тамгаларынын орхон-енисей алфавитинин негизин түзгөндүгүн белгилөө;

7) сөздүк (логографиялык) жазуунун коммуникативдик функциясын аныктоо, колдонулушун доорлоруна, таралуу, өнүгүү эволюциясына талдоо жүргүзүү;

8) сөздүк (логографиялык) жазуунун кыргыз орнаменттеринде берилишин анализдөө, орнаменттин баяндоочулук касиетин, реалисттик мүнөзүн, камтыган тематикасын, семантикасын ачып берүү;

9) кыргыздардын фонографиянын аралаш системасын колдонушкандыгын тастыктоо жана классификациялоо (вокалдык-тамгалык, консонанттык-тамгалык, муундук-тамгалык);

10) енисей жазуусу ошол аймакта жашаган кыргыздардыкы экендигин, алгачкы мезгили V кылымга таандыктыгын жана орхон жазууларынан мезгили боюнча алда канча мурунку жазуу экендигин тастыктоо, енисей жана талас жазууларынын мезгили (V к. ), мазмуну жана графикасы жагынан окшоштугун белгилөө.

**Изилдөөнүн теориялык натыйжаларынын жаңылыктары** төмөнкүлөр:

1) биринчи жолу байыркы замандардан баштап биздин замандын X кылымына чейинки кыргыздар колдонгон жазуулар изилденди жана аныкталды, тиешелүү топторго классификацияланды;

2) биринчи жолу коммуникациянын сүрөттүк (пиктографиялык жазуу) ыкмасы нака жазууга чейинки жазма булак катары далилденди: сүрөттүк жазуунун коммуникативдик кызматы аныкталды, колдонулуш доору, таралуу ареалы такталды, камтыган маанилери жиктелди жана талданды, өнүгүү эволюциясы айкындалды;

3) эн тамгалардын жазма булак катары аткарган кызматы аныкталды, колдонулуш доору, таралыш ареалы такталды, камтыган маанилери сыпатталды, “тамга” теориясы анализге алынды жана кыргыз эн тамгаларынын орхон-енисей алфавитинин негизин түзгөндүгү тастыкталды;

4) биринчи жолу кыргыздардын сөздүк (логографиялык) жазууну колдонушкандыгы аныкталды, өнүгүү эволюциясы иликтенди, сөздүк жазуунун кыргыз орнаменттеринде, оюуларында орун алышы, аткарган коммуникативдик кызматы, колдонулуш доору талданды, тарыхтын даректүү жазма булагы экендиги белгиленди;

5) кыргыз орнаментинин, оюуларынын табияты, реалисттик мүнөзү, баяндоочулук касиети сыпатталды, алар семантикалык топторго жиктелди, кыргыз орнаменттериндеги байыркы мотивдердин хакастардын, тывалыктардын жана кыргыздардын оюуларында сакталып келаткандыгы көрсөтүлдү;

6) кыргыздардын биздин замандын X кылымына чейин фонографиялык жазуунун аралаш системасын колдонушканы айкындалды (вокалдык-тамгалык, консонанттык-тамгалык жана муундук-тамгалык) жана алар мүнөздөлдү;

7) енисей жазуусунун орхон жазуусунан мезгили боюнча алгачкылыгы (V к.), енисей жана талас жазууларынын V кылымга таандыктыгы, мазмуну жана графикасы жагынан окшоштугу белгиленди.

**Илимий иштин теориялык баалуулугу.** Биринчи жолу жазма булак катары илимий аныктамаларга ээ болгон кыргыздар колдонгон байыркы жазуулардын - сүрөт (пиктографиялык) жазуусунун, эн тамгалардын, сөздүк (логографиялык) жазуунун, ошондой эле фонографиялык жазуунун аралаш системасынын ырааттуу жана системалуу иликтенишинин негизинде иштелип чыккан теориялык жоболор жана жыйынтыктар кыргыз тилинин тарыхы, ошондой эле кыргыздардын тарыхы үчүн чоң салым болмокчу.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Илимий эмгек “Кыргыз жазуусунун тарыхы”, “Байыркы кыргыз тили” боюнча окуу программаларын, окуу куралдарын, ошондой эле курстук, дипломдук, магистрлик иштерди жазууга, аталган темадагы лекцияларды, атайын курстарды өтүүгө негиз боло алат. Изилдөөнүн жыйынтыктарына ушул багытта иликтөө жүргүзгөн изденүүчүлөр, аспиранттар, окумуштуулар таяна алышат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1) байыркы замандан X кылымга чейин кыргыздар семасиографияны жана фонографиялык жазуунун аралаш системасын колдонушкан;

2) карасук маданият эстеликтеринде катталган байыркы сүрөттүк (пиктографиялык) жазуу кыргыздардын жашоо-тиричилиги, көз караштары, ишенимдери ж.б.жөнүндөгү даректүү жазма булак болуп эсептелет;

3) кыргыз сүрөттүк жазуусундагы байыркы мотивдер - тагар маданиятында өркүндөгөн, Копён дөбөсүндөгү табылгаларда сакталган баалуу мурас;

4) Хакасия аска беттерин чегилген ж.б. предметтерде тартылган кийин-

ки сүрөттөр - байыркы кыргыз жазуусунун традициялык уландысы;

5) XIX кылымда XX кылымдын башындагы тыва көчмөндөрүнүн искусствосундагы байыркы мотивдер - байыркы кыргыздардын аскага түшүргөн сүрөт жазуусунун традициялык уландысы;

6) алгач уруу, урук, жеке менчик белгиси катары колдонулуп, муундан муунга мураска берилип келген кыргыз эн тамгалары идентификациялык-мнемоникалык ыкмадагы жазма булак болуп саналат;

7) байыркы кыргыз эн тамгалары орхон-енисей алфавитинин негизин түзгөн;

8) хакас, тыва эн тамгалары - байыркы кыргыз эн тамгаларынын мурастары;

9) байыркы мотивдери орнаменттерде, оюуларда сакталган коммуникациянын сөздүк ыкмасы (логографиялык жазуу) - тематикасы ар кыл, семантикасы бай тарыхый жазма булак, дастан болуп эсептелет;

10) кыргыздар б.з. X кылымына чейин фонографиялык жазуунун аралаш системасын (вокалдык-тамгалык, консонанттык-тамгалык жана муундук-тамгалык) колдонушкан;

11) енисей жазуусу - енисей кыргыздардыкы, алгачкы мезгили V кылымга таандык енисей жазуусу - орхон жазуусунан байыркы, талас жазуулары менен мезгилдеш (V к.), мазмуну жана графикасы окшош.

**Изилдөөдө колдонулган негизги илимий методдор.** Илимий ишти жазууда эмпириялык-теориялык, диахрондук, синхрондук методдор, анализ жана синтез, индуктивдүү жана дедуктивдүү методдор колдонулду.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы.** Теманы тандоо, изилдөөгө керектүү материалды жыйноо, байыркы кыргыз жазууларын аныктап чыгуу жана классификациялоо, аларды талдоодон жана сыпаттоодон келип чыккан негизги жоболор жана натыйжалар, анализге алынган материалдардан чыгарылган жыйынтыктар изилдөөчү тарабынан жекече аткарылды.

**Иштин апробацияланышы.** Диссертациялык иштин мазмуну “Кыргыздардын жана кыргыз жазуусунун тарыхы (байыркы замандан X кылымга чейин)” (2014-ж., I том, 28,25 б.т., II том, 23,25 б.т.) жана “Байыркы кыргыз тили” (2016, 40.75 б.т.) аттуу монографияларда берилди. Байыркы жазууга тиешелүү материалдар “Махмуд Кашкаринин “Диваны” жана баяндоочтун трансформацияланган формалары” аттуу монографияда (2011-ж., 16 б.т.) камтылды. “Кыргыздардын жана кыргыз жазуусунун тарыхы (байыркы замандан X кылымга чейин)”аттуу китептин бет ачары 2014-жылдын 24-июлунда КР УИАнын Кичи жыйындар залында КР УИАнын академиктеринин, корр.-мүчөлөрүнүн, окумуштуулардын, ЖОЖдун проф.-мугалимдеринин, акын-жазуучулардын, журналисттердин ж.б. катышуусунда өткөрүлдү жана массалык-маалыматтарда, радио-теле берүүлөрдө кеңири чагылдырылды.

Илимий иштин мазмунун чагылдырган баяндамалар республикадагы жана чет өлкөлөрдөгү эл аралык жана республикалык илимий-теориялык

жана практикалык конференцияларда, “Манас жаңырыгы” жана КТРдин түз телеберүүлөрүндө, “Манас” радиосунда (2 жолу), “Марал” радиосунда, “Кыргыз радиосунда”, Кыргыз радиосунун 1-каналынын «Илим жана инновация» радиоуктурууларынын түз эфирлеринде жана КТРдин “Достук” радиосунун “Данакер” берүүсүндө (үч жолу) жасалды.

Изилдөөнүн материалдары Ж.Баласагын атындагы КУУнун филология факультетинин студенттерине лекцияларды, практикалык сабактарды өтүүдө, КР Президентинин алдындагы Башкаруу академиясынын студенттерине Мамлекеттик тил боюнча сабактарды жүргүзүүдө апробацияланды. Тилдин тарыхына байланышкан 37 макала чет өлкөлүк жана республикалык басылмаларда жарыяланды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Диссертацияга байланыштуу 3 монография, 37 макала жарык көрдү.

**Иштин түзүлүшү.** Диссертация киришүүдөн, төрт баптан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, глоссарийден жана тиркемеден турат. Иштин мазмуну – 350 бет.

## ИШТИН КЫСКАЧА МАЗМУНУ

**Киришүүдө** илимий иштин актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, илимий жана практикалык баалуулугу, коргоого коюулуучу негизги жоболору, диссертанттын изилдөөдө колдонгон илимий методдору, илимий ишке кошкон жекече салымы көрсөтүлдү, илимий иштин жыйынтыктарынын апробацияланышы тууралуу маалыматтар камтылды.

**I бап «Жазуунун тарыхый өнүгүшү боюнча илимий обзор»** деп аталып, кыргыз жазуусу, ошондой эле шумер, египет жана кытай жазуулары тууралуу окумуштуулардын иликтөөлөрү талданды.

Кыргыз тили боюнча окуу китептеринде кыргыздардын араб жазуусун колдонгон мезгилинен бери гана сөзгө алынып, андан мурунку жазуулар эске алынбай келген. Айрым авторлордо Октябрь революциясына чейин кыргыз тилинин оозеки формада гана болгондугу айтылат.

К.Дыйканов, С.Кудайбергенов, Ю.Яншансин тарабынан жазылган “Кыргыз жазуусунун тарыхынан” аттуу эмгекте жазуунун түрлөрү жөнүндө кыскача түшүнүк берилип, орхон-енисей жазуусу, анын изилдениши, окулушу, жарыяланышы каралган (1958: 3).

Э.Абдулдаев жана А.Е.Супрун “Тилдин жана жазуунун келип чыгышы” деген эмгекте адегенде мнемотехникалык “кат” катарында түйүндөр, ал эми бир катар элдерде ар кандай формадагы үлүл кабыктары, майда таштар, мончоктор да колдонулгандыгын, бара-бара маалыматты каттоо сүрөттөрдүн жардамы менен ишке аша баштагандыгын маалымдашат. Цилизациянын өнүгүшү менен сүрөттөрдү шарттуу белгилер алмаштырып, жазуунун кийинки этабында ар бир түшүнүк өзүнчө белги менен берилгендиги (идеографиялык жазуу) айтылат (1965: 54).

Б.Юнусалиев «Кыргыз тилинин тарыхы боюнча кыскача кабарлар» (1965)

деген макаласында тилдин жалпы элдик белгилери жана урук, урууулардын эл катары түзүлүүсү хронологиялык жактан бир мезгилде эле болгон болуу керек деген (1965:5). Ал эми “Кыргыз диалектологиясы” аттуу окуу куралында жалпы элдик тилдин калыптаныш тарыхын үч чоң доорго бөлгөн: а) байыркы (IX-X кк.чейинки) кыргыз тили; б) орто кылымдык (XV-XVI кк. чейинки кыргыз тили; в) жаңы кыргыз тилинин доору (XVI кылымдан башталат) (1971, 57). Окумуштуу кыргыздардын байыркы тарыхынын алгачкы мезгилинде жазма тили болгондугу Енисей дарыясынын сагааларында, Саян тоолорунда табылган ташка жазылган эстеликтер менен далилденерин айтат.

Кыргыз тил илиминде орхон-енисей жазуулары 60-жылдардан баштап атайын изилдөөгө алына баштаган жана бир катар эмгектер (К.Ашыралиев, Ү.Асаналиев, Ч.Жумагулов, С.Сыдыков, К.Конкобаев, Л.Джусупакматов, Ж.Сыдыков, Н. Усеев ж. б.) жарык көргөн.

К.Ашыралиевдин “Орхон-Енисей жазма эстеликтериндеги уңгу сөздөр” деген монографиясында (1963) жазма эстеликтердеги түп уңгулардын орду изилденген. Ч.Жумагуловдун “Эпиграфика Киргизии” (1963, 1982, 1987) аттуу эмгегинде Кыргызстандын территориясындагы эпиграфикалык эстеликтер тууралуу маалыматтар берилген. Ж.Сыдыковдун “Байыркы кыргыз эли – кыргыз тили” деген китебинде (2002) кыргыз элинин тарыхы жана тили жөнүндөгү чет элдик булактардагы маалыматтар каралган. С.Ибрагимовдун “Жалпы тил илимине киришүү” (2002), “Тил илиминин негиздери” (2002) аттуу эмгектеринде жазуу, анын пайда болушу, оозеки тилден айырмачылыгы, жазуунун түрлөрү ж.б. маселелер иликтенген. Ү.Асаналиевдин “Тунгус-манчжур, монгол, байыркы түрк жана кыргыз тилинин кээ бир лексикалык параллелдери” деген монографиясында (2003) кыргыз тилиндеги айрым сөздөрдүн тунгус-манчжур жана байыркы түрк тилдериндеги сөздөр менен катар колдонушу салыштырма тарыхый аспектиде изилденген. Л.Джусупакматовдун «Древние картосхемы Земли в пиктографии петроглифов юга Кыргызстана” (2006) аттуу эмгеги Орто жана Борбордук Азияда жашаган байыркы элдердин пиктографияларында чагылдырылган Жердин жана анын региондорунун картосхемасына арналган, 2014-жылы «Каталог пиктографических текстов петроглифов «Саймалы-Таша» деген эмгеги жарык көргөн. К.Токтоналиевдин “Кыргыз тилинин калыптануу доору” деген макаласында (2011) кыргыз тилинин пайда болуу жана өнүгүү доору каралган. С. Сыдыков, К.Конкобаевдин “Байыркы түрк жазуусу” (VII-X кылымдар),С.Сыдыковдун “Енисей жана Таластагы рун жазуулары” (2011) аттуу эмгектеринде аталган жазуулар, алардын окулушу, транскрипциясы жана грамматикалык өзгөчөлүктөрү берилген. 2011-жылы Н.Усеевдин “Енисей жазма эстеликтери I лексика жана тексттер” деген китеби жарыкка чыккан. Ошондой болсо дагы кыргыз жазуусунун тарыхый өнүгүшү атайын изилдөөнүн объектиси боло элек.

Дүйнөлүк тил илиминде жазуу жана анын өнүгүшү кеңири изилденип келет. Диссертациялык иште **шумер жазуусу, египет жана кытай жа-**

**зуулары** тууралуу окумуштуулардын иликтөөлөрүнө обзор берилди. Мисалы, шумер жазуусу б.з.ч. IV миң жылдыкта Месопатамияда пайда болгон. Жазуунун пайда болушу практикалык зарылдыктан келип чыккан. Буга Урук таблицалары мисал болот. Б.з.ч. 2900-жылы клинопись жазуусу келип чыккан, буга ошол жердеги чопонун жана тростниктин молдугу жакшы шарт түзгөн. Египет иероглифтери б.з.ч. III кылымда пайда болгон. Кытай иероглифтери б.з.ч. XV кылымда пайда болгон, ошондо инь уруулары өздөрүнүн жазмасына ээ болушкан.

Жогорудагы жазуулардын келип чыгышы, бири-бири менен байланышы тууралуу пикирлер бирдей эмес. Аталган бөлүмдө жазуунун окумуштуулар Ч.Лоукотка, И.Истрин, И.Е.Гельб, И.Фридрих, Жорж Жан ж.б. эмгектеринде изилдениши кеңири каралды. Жазуу, анын табияты, түрлөрү, ар бирине мүнөздүү өзгөчөлүктөр, жазуунун өнүгүшүнүн коомдун өнүгүшү менен тыгыз байланыштуулугу ж.б. талдоого алынды.

Диссертациялык эмгекте жазуунун башатында пиктографиялык жазуу ыкмасы тургандыгы белгиленди. Жазуунун пайда болуу жана өнүгүү процесси ар башка өлкөлөрдө ар кандай доорлордо ишке ашканы менен, алардын өнүгүү процесси дээрлик бирдей экендиги тастыкталды.

Жазуу жана анын өнүгүшү тууралуу эмгектерди талдоо – жазуунун өнүгүү тарыхындагы жалпылыктарды ачык көрсөттү, ошондой эле жазуунун өнүгүшү, таралышы ж.б. боюнча окумуштуулардын арасында бирдиктүү пикирдин жок экендигин ырастады. Бирок дээрлик бардык эмгектерде жазуунун практикалык муктаждыктан келип чыккандыгы тастыкталган. Адегенде эсеп-кысап жүргүзүү, же маалыматты эске тутуу, маалыматты каттоо максатында пайда болгон примитивдүү белгилер узак мезгилдин ичинде нака жазууга, т.а. тыбыштык-тамгалык жазууга чейин өнүккөн.

**II бапта Семасиография. 1. Нака жазууга чейинкилер: 1) Сүрөттүк ыкма: Пиктографиялык жазуу; 2) Идентификациялык-мнемоникалык ыкмалар: Эн тамгалар, татуировка** талдоого алынды.

Грамматалогиядагы илимий жетишкендиктердин негизинде байыркы замандардан баштап X кылымга чейинки кыргыз жазуусу төмөнкүдөй классификацияланды: **I** Семасиография. **1.** Нака жазууга чейинкилер: 1) Сүрөттүк ыкма: Пиктографиялык жазуу; 2) Идентификациялык-мнемоникалык ыкмалар: Эн тамгалар, татуировка; **2.** Сөздүк ыкма: Логографиялык жазуу. **II** Фонография. Нака жазуу: 1) Жазуунун аралаш системасы; 2) Тамгалык-тыбыштык жазуу.

Пиктографиялык жазуу сүрөт искусствосунун негизинде келип чыккан, бирок андан айырмаланып, коммуникативдик (кабарды каттоо, баяндоо, сактоо ж.б.) кызматты аткарган. Петроглифтер миңдеген жылдар бою – неолит доорунда, коло доорунда, эрте темир доорунда жана андан кийин да чегилген.

Т.Чоротегиндин божомолу боюнча (2002: 3) эң алгачкы пиктографиялык жазуу ***мезолит*** доорунда, Ө.Осмоновдун маалыматы боюнча (2012: 34) пиктографиялык жазуу кечки ***палеолит*** доорунда (б.з.ч. 40-10-миң жылдык-

та) пайда болгон жана мындай жазуулар Кыргызстандын территориясынан да табылган. К.Сарткожаулы (2012: 89) “***кечки палеолит жана мезолит доорунда*** Борбордук Азиянын тургундары пиктограммаларды жана башка сүрөттөрдү колдоно башташкандыгын (Хойт-Цэнхэр үңкүрүндөгү сүрөттөр)” маалымдайт.

1967-жылы археолог А.П.Окладников монголдук Алтайдагы Хойт-Цэнхэр үңкүрүндө аскага оюлуп тартылган сүрөттөрдүн ***палеолит дооруна*** тиешелүү экендигин аныктаган. К.Сарткожаулы (2013: 5) Хойт-Цэнхэрдеги сүрөттөрдүн жаратуучулары байыркы алтайлыктардын, ошондой эле кечки түрктөрдүн бабалары болгон жана бул мурас түрктөрдүн жазуу искусствосунун түзүлүшүнө негиз болуп берген дейт. Палеолит доорунда жаралган рухий маданият неолит, энеолит, коло жана темир доорлорунда байыган жана өзүнүн традицияларын орто кылымдарга чейин арбытып жүрүп отурган.

Эрте көчмөндөр дооруна мүнөздүү көркөм маданияттагы “скиф-сибирдик айбанаттар стили” деген аталышка ээ болгон принципиалдуу жаңы кубулуш пиктографиялык жазууларда өз изин калтырган.

**Енисей өрөөнүндөгү** жазма эстеликтер миң-суулук жана тывалык деп экиге бөлүнөт.

**Миң-суу сүрөт (пиктографиялык) жазуусу.** Кыргыздар сүрөт жазуусун колдонушкан. Бул жазуунун мазмунуна “айбанаттар стили” деп аталган искусство өзгөчө таасирин тийгизген. Миң-Суу ойдуңундагы “асман алдындагы музей” деп аталган аска беттери чегилген, оюлуп жазылган жана боёк менен боёлгон жазууларга абдан бай. “Айбанаттар стилиндеги” сүрөт жазуулары Миң-Суудагы бейиттин үстүнө коюлган моло таштарда, курал-жарактарда, ат жабдыктарында ж.б. абдан көп.

Кыргыздарда “айбанаттар стилинин” белгилери ***Карасук маданияты*** эстеликтеринде эле кездешкен. Бул типтеги көрүстөндөрдөн табылган инвентарлардын ичинен саптарына тотемдердин - айбанаттардын тулкусу түшүрүлгөн бычактар өзгөчө орунда турган. Мындай жазуулардын гүлдөгөн мезгили б.з.ч. VII-I кылымдарда - ***тагар маданиятынын*** тушунда болгон.

Кыргыздарда кочкор ыйык деп эсептелген. Б.з.ч 1-миң жылдыкта таштан биринчи эстеликтер жасалган, алардын ичинен эң эле белгилүүсү - кочкордун башы, ал эми башка эстеликтерде күндүн сүрөтү тартылган. Биринчиси да, экинчиси да малчылардын чарбалык ишиндеги молчулуктун эмблемасы катары каралган. Кочкор ыйык деп эсептелген күн менен байланыштырылган. *«Кочкор–күн” композициясы* адамдардын солярдык-тотемистик көз караштарын чагылдырган. Мындай көрүнүштөр скиф доорунда (б.з.ч.VII-III кк.) өнүгүүгө ээ болгон. Ошол мезгилде абдан кеңири аянтты ээлеген жана татаал композицияга ээ петрогилифтер, т.а., аска бетине чегилген сүрөттөр пайда болгон.

***Тотемдер.*** Кыргыздардын тотемдерине бугу, тоо эчки, аюу, барс ж.б. кирген, петроглифтерде өзгөчө бугу, тоо эчки, барс көп учураган. Адамдар

тотемдердин сүрөттөрү күч берүүчү, сактоочу, коргоочу касиеттерге ээ деген ишенимде болушкан.

***Умай.*** Мифологиялык кудай Умай - үйдөгү коломтонун жана балдардын коргоочусу катары ыйык деп эсептелген. Ал кыргыздарда эле эмес түрк элдеринин ичинде кеңири тараган Умай эненин образында берилген.

Кыргыздардын пиктографиялык жазуусу кыргыз урууларынын жашоо-турмушу, дүйнөгө көз караштары, аңчылыгы, диний ишенимдери, каада-салттары, ырым-жырымдары ж.б. тууралуу маалыматтарды камтыган.

***Скиф-сибирь стили кыргыз сүрөт жазуусунда***. Кыргыздарда коммуникациянын сүрөттүк ыкмасы *скиф-сибирь стилиндеги* традицияда өнүккөн, “айбанаттар стили” муундан-муунга өтүп колдонулуп келген. ***Копён, Капчалы жана Уйбат*** эстеликтериндеги пиктографиялык жазуулар скиф-сибирь стилиндеги традицияда өнүккөн, ошондой эле ирандык батыш жана кытайлык чыгыштан агылып кирген таасирлерди өз боюна сиңирген.

***Копён табылгалары.*** *Копёндеги* № 6 жана № 7-дөбөлөрдүн көмүскө жайынан жырткычтын сүрөтү түшүрүлгөн *бет каптар* табылган. Енисейде жана Алтайда гунн-сармат доорунан бери белгилүү мындай бет каптар копён бет каптарында, ал түгүл кийинки мезгилде да, дээрлик VIII-IX кк. чейин ар башка жерлерде колодон жасалган буюмдардын орнаментикасында сакталып калган. Каптал калактарында жырткычтардын капталынан тартылган тумшуктары сүрөттөлгөн. Алар миң-суулук коло-тагар доорундагы дал эле ушундай (мисалы, бычактын сабындагы) сүрөттөр менен дал келет.

Копён дөбөлөрүнөн табылган тогоолордогу *жаныбарлардын сүрөттөрү* менен байыркы *айбанаттар стилиндеги сүрөттөрдүн* ортосунда генетикалык байланыштын бар экендиги тастыкталган. Копён дөбөлөрүндөгү көмүскө жайлардан тогоолор менен катар эле баалуу алтын идиштер табылган, аларда айбанаттар стилиндеги сүрөттөр орнаменттин башка элементтери менен айкалышкан.

***Оглахты*** тоосундагы көптөгөн фигуралар ондогон кылымдар мурун аска бетине чегилген сүрөттөргө техникасы боюнча да, аткаруу манерасы боюнча да окшош болгон. Мындай сүрөттөр Аскиз жана Уст-Есин кыштактарынын ортосундагы дөбөлөрдөгү плиталарда (П.Е.Островских, 1895: 325) да кездешкен. Сүрөттөрдүн аткарылыш ыкмалары алардын мурунку жазуулар менен тыгыз байланышын көрсөтүп турат.

***Байыркы кыргыз сүрөт жазуу традициясынын хакас сүрөттөрүндө сакталышы.*** Изилдөөлөр хакастардын сүрөттөрү темир доорундагы Миң-Суу аймагындагы жазууларга окшош экендигин тастыктаган. Аска бетиндеги алгачкы сүрөттөрдө – жапайы жаныбарлар, ал эми кечкилеринде – үй жаныбарлары тартылган. Алардын техникалык жактан аткаруу ыкмаларында айырма бар: алгачкылары - нокоттуу, кечки сүрөттөрү ар түрдүү болгон.

Ошентип, Хакасияда коммуникация каражаты катары сүрөт тартуу традициясы сакталган жана аларда байыркы кыргыздардын сүрөт жазуусундагы традициялык белгилер терең орун алган.

**Тыва сүрөт (пиктографиялык) жазуусу.** ***Сибир неолитинде*** багыштын бир эмес бир нече сөөккө түшүрүлгөн сүрөттөрү кездешкен. Ал эми энеолит доорунда Енисейге кире бериш жердеги Сосновка суусунун оң жээгиндеги аскада сүрөттөр (бука багыш менен, кайык адамдары менен) сакталган.

***Б.з.ч. II миң жылдыктын башталышында*** Түштүк Сибирде жашаган окуневдик маданияттын өкүлдөрүнөн монументалдуу таш эстеликтер, стилизацияланган, кээде реалдуу адамдын же айбанаттын бет каптары калган (С.И.Вайнштейн, 1974, 14).

***Б.з.ч. III миң жылдыктын экинчи жарымында*** Тывага кирип келишкен палеометаллдык афанасьев маданиятынын өкүлдөрүнөн эстеликтер калган. Мисалы, Эрзин территориясындагы күмбөздүн баш жагында багыштын башы бар яшмадан жасалган мүштөк сымал өзөк табылган.

***Коло доору. Мугур-Саргол мазары.*** Енисейдин сол жээгиндеги Мугур-Саргол мазарында коло доорундагы петроглифтер сакталган. Вайнштейндин маалыматы (1974: 15) боюнча 400 жалпак таштын ар биринде орто эсеп менен алганда *10-15* сүрөт тартылган. Арасында скиф доорундагы жана андан кийинки – кечки монгол мезгилине чейинки сүрөттөр да бар. Көпчүлүгү - *мүйүздүү бет каптар* болгон.

Мугур-сарголдук бет каптар стили жана бир катар өзгөчөлүктөрү боюнча окуневдик, ошондой эле Миң-Суу ойдуңундагы окуневдик маданияттын эстеликтериндеги бет каптарга окшойт. Ал эми окуневдик бет каптар татуировка жасоодон улам келип чыккан.

Коло доорундагы петроглифтерде башка сюжеттер да болгон, алар: *текенин контурдук фигурасы* жана *арабанын схемалык сүрөтү*.

***Скиф мезгили.*** Скиф мезгилиндеги Тыва урууларынын искусствосунан баалуу үлгүлөр (*Бай-Даг тоосунун таштары, Турандын жанындагы дөбөлөр, Түштүк Батыш Тывадагы Саглы-Бажы жергесиндеги бийик тоодогу байыркы көрүстөн*) табылган. Борбордук Тывадагы Уюк суу өрөөнүндөгү Аржан “падышалык” дөбөсүнөн кызыктуу искусство предметтери алынган. Тывадагы казындылар С.А.Теплоухов, С.И.Вайнштейн, А.Д.Грач, М.Х.Маанай-оол ж.б тарабынан изилденген.

***Казылган маданияты.*** Казылган маданиятына тиешелүү күмбөздөрдүн ичинен металлдан, керамикадан, териден, сөөктөн жасалган жана суунтан улам жакшы сакталган буюмдар табылган. Казылган маданиятынын көркөм декоративдүү буюмдарына скиф-сибирь искусствосуна мүнөздүү белгилер таандык.

Казылган маданиятынын арасында бугу таштар өзгөчө орунду ээлейт. Буларга *Сушь жана Туран бугу таштары* кирет. С.И.Вайнштейн (1974: 32) бугу таштар өзгөчө коргоочу функциясы бар атайын курулуш дейт. Мисалы, бугу таштарда сүрөттөлгөн коло күзгүлөр же солярдык белгилер - күндүн символу, ал эми курал-жарактар коргоочу кызматты, жаныбарлардын сүрөттөрү магиялык-коргоочу ролду аткарган.

Тывадагы аска бетине чегилген петроглифтердин көбүнө *казылган доорунун* датасы коюлган. Бул сүрөттөргө биринчи иретте "айбанаттар стили" мүнөздүү. Булар: Барун-Хемчик районунда Чурук-Малдыг-Хайдагы бугу, скиф мезгилине таандык Хандагайтыдан 30 км жайгашкан Овюр районундагы аскалардагы петроглифтер.

***Сыын-чюрек петроглифтери.*** Сыын-чюрек петроглифтерин (С.И.Вайнштейн тарабынан 1957-жылы ачылган) 300дөй жаныбарлардын, адамдардын сүрөттөрү жана солярдык белгилер түзөт. Техникасы жана стилистикалык өзгөчөлүгү боюнча петроглифтер эки негизги зонага бөлүнөт. ***А*** зонасында жаныбарлар, алардын арасында *жолборстор, аттар, текелер, антилопа* бар. Алар абдан реалдуу жана жандуу сүрөттөлгөн. ***Б*** зонасындагы таштарга *адамдардын жана жаныбарлардын* бирден тартылган *сүрөттөрү*, ошону менен катар эле *көп фигуралуу композициялар* жайгашкан.

***Тээли кыштагы.*** Аска бетине түшүрүлгөн сүрөттөр батыш Тывадагы Тээли кыштагынан бир нече *км*де жакшы сакталган. Ал Бижигтиг-Хая (С.И.Вайнштейн, 1974: 163) деп аталат.

**"Айбанаттар стилиндеги" кыргыз сүрөт жазуусу.** Кыргыздарда ***карасук маданияты*** мезгилинде башталган *"айбанаттар стилиндеги"* сүрөт жазуусу тагар маданиятынын мезгилинде өркүндөгөн. ***Тагар маданиятынан*** үй айбандары жабдыктары менен (мисалы, *жүгөндөр жана аттын каамыты* ж.б.) аска бетине тартылган сүрөттөр, ошондой эле *коло буюмдар, кылычтар, бычактар, жебелер ж.б. скифтик "айбанаттар стилиндеги" жаныбарлардын сүрөттөрү* калган.

Дөбөлөрдөн табылган ат жабдыктарында жана ээр жабууларында көп катмарлуу композиция да болгон. Мисалы, *атта жанынын бардыгынча чаап бара жаткан киши артына кайрылып, ага секирген жолборсту жаа менен атып жатат.* Атчандын үстү жагында кытай стилинде тартылган булут, төмөн жагында токой менен капталган тоолор, сүрөттүн борборун тегерене чуркаган жапайы жырткычтардын сүрөттөрү орун алган. Мында мурунку скиф-сармат доорундагы "жырткыч" искусствосунун традициялары сакталган, ошону менен катар эле А.Н.Бернштам бул сюжеттин сасанид искусствосуна толугу менен окшоштугун белгилеген.

***VI-VIII кк. Капчалы көрүстөнүнөн*** табылган курлардын күмүш тоголоруна *койду тытмалап жаткан жырткычтын сүрөтү* тартылган (С.В.Киселев, 2011, 334). Бул тогоо кыргыздарда мурунку тагар-таштык, "скиф-сарматтык" традициялардын сакталгандыгын далилдеп турат.

**Сүрөттүк жазуудагы башка мотивдер.** Таш дөбөлүү көрүстөндөрдүн - чаатастардын казыналар катылган казанактарынан С.В.Киселев менен Л.А.Евтюхова бир нече алтын идиштерди жана алтын жалатылган табактарды табышкан, арасында *канаттуулардын жана балыктардын сүрөттөрү* чегерилген, башка да асемдер түшүрүлгөн кемер курлар болгон.

**Бет каптардын эволюциялык өнүгүшү.** ***Тагар маданиятынын*** аяктоо мезгилинде Енисей кыргыздарынын искусствосунда гипс бет каптарды

жасоо кеңири таралган. Адегенде мындай бет каптар өлгөн адамдын жеке портретин гана берсе, кийинчерээк алар жалпыланган образдагы бет каптарга өткөн. Кийинки бюст бет каптар өз алдынча жасалып, постаментке жайгаштырылган. Ошентип, жекече бет каптардын негизинде кийин көрүстөнгө коюлган ***балбалдар*** келип чыккан. Мындай балбалдар жалпыланган жоокердин типтүү образын берген. Эгерде мурун кыргыз искусствосунда жапайы айбандардын күрөшү – тотемдер сүрөттөлсө, эми б.з. VI-VIII кк. алардын ордун адам ээлеген.

Ошентип, байыркы кыргыз сүрөттүк жазуусу далай муунга кызмат кылган жазма булак болуп эсептелет.

**Семасиография. 1. Нака жазууга чейинкилер: 2) Идентификациялык-мнемоникалык ыкма: Эн тамгалар.**

**Эн тамгалар тууралуу.** Нака жазууга чейинки идентификациялык-мнемоникалык ыкмадагы жазма булакка кыргыз эн тамгалары кирет. Эн тамгалардын максаты - окуяларды сүрөттөп баяндоо эмес, «аларды эстөөгө, предметке же жандыкка окшотууга жардам” (И.Е.Гельб, 1982: 186) берүү болгон. Мында сүрөттөлгөн предметтер жана жандуу нерселер оозеки кепте аталышка ээ болгондуктан, символдор менен алардын оозеки түгөйүнүн ортосунда дал келүүчүлүк орнойт да, сөздөр жазма символдор менен бериле баштайт. Ошентип, адамдардын ортосундагы коммуникациянын жаңы ыкмасы пайда болот.

Түрк рун жазууларынын чыгыш тегин уруу тамгалары менен байланыштырган окумуштуулар Г.И.Спасский, А.Вамбери, Н.А.Аристов, Н.Г.Маллицкий, А.А.Шифнер ж.б. болушкан. Эн тамгалардын байыркы түрк жазуусунун негизин түзгөндүгүн А.Махмудов, М.Шинэхуу да белгилешет. К.Сарткожаулы байыркы түрк рун жазуусунун башаты байыркы белгилер дейт. О.Каратаев Орхон-Енисей алфавитинин басымдуу бөлүгүн эн тамгалар түзгөндүгүн маалымдайт. Биз дагы кыргыз эн тамгалары орхон-енисей алфавитинин негизин түзгөн деп эсептейбиз.

**Кыргыз эн тамгалары.** Кыргыз эн тамгалары алгач кытай жыл баяндарында VII кылымда эскерилген. Тан династиясынын (VII-X кк.) атайын комиссиясы б.з. 618-804, 804-852 жана 853-907-жж. Кытайга кошуна жашаган көчмөн элдер жана алардын жылкылары жөнүндөгү маалыматтарды топтоп, “Танхуйяо” деп аталган жыйнакты (961-ж.) чыгарышкан. Анда “цзегулардын” (кыргыздардын) жылкыларынын асыл тукумдуулугу, эн тамгасы тууралуу баалуу маалыматтар (Ю.А.Зуев, “Тамги лошадей... 1960: 93-135) болгон.

Кыргыз эн тамгалары жөнүндөгү маалыматтар Н.Ф.Петровский, Н.И.Гродеков, Н.Ф.Маллицкий, Б.Солтоноев, Н.А.Бернштам, С.М.Абрамзон, Н.А.Винников, С.Аттокуров, О.Каратаев ж.б. эмгектеринде камтылган.

***Карасук маданият*** эстеликтеринен улам белгилүү болгондой, б.з.ч. I миң жылдыктын башталышында миң-суулук малчы-көчмөндөр тарабынан

эн тамгалардын колдонула башташы малдын көбөйүшү менен байланыштуу болгон.

Эн тамгалар муундан муунга берилип келген. Түпкү атанын эн тамга белгиси кийинки муундагы укум-тукумдарга формасы жагынан өзгөрүүсүз өтүп турган. Г.В.Длужневская (2013:145) Тывадагы (Чаа-Хол) эстеликтериндеги эн тамгалардын IX-X кк. кыргыздарга таандык экендигин аныктаган.

***Чаатас маданиятынын*** эстеликтеринде керамика идиштерине оюп түшүрүлгөн орнаменттер менен кошо *тамга сымал белгилер* болгон. Керамикага оюп түшүрүлгөн орнаменттер тагар-таштык өтмө доорунда белгилүү болгон.

***Чаатас жана тюхтят маданиятына*** мүнөздүү 20дан ашык чийки чоподон жасалган идиштерге *тамга сымал белгилер* оюп жазылган (1974: 26). №2 Уйбат чаатасынын дөбөсүнөн (Л.А.Евтюхова, 1948: 12) лакталган чөйчөктүн түбүнөн *тамга белгиси* табылган.

Байыркы жалпы кыргыз эн тамгаларын хакас, тыва, башкырлардын курамдарындагы "кыргыз" деп аталган уруулардын эн тамгалары менен салыштыруу (О.Каратаев, 2013: 171) - Енисейдеги (Хакасия, Тыва, Тоолуу Алтай, Краснодар) аска-таш беттериндеги чегилген тамгалардын кыргыздарга таандык экендигин көрсөткөн.

**Хакас, тыва эн тамгалары - байыркы кыргыз эн тамгаларынын мурастары.** Енисейдеги жашаган байыркы кыргыздардын эн тамгалары муундан-муунга өтүп отуруп, XIX-XX кк. да бул жерди жердеген элдер тарабынан колдонулган. Хакас, тыва эн тамгалары - байыркы кыргыз эн тамгаларынын мурастары болуп саналат, алардын теги бир.

**Эн тамгалардын семантикалык топтору.** Кыргыздарда эн тамгалары төмөнкүдөй кызматтарды аткарган: 1. *уруулук белгилер* (уруу аталыштары); 2. *менчик белги*; 3. *магиялык сактоочу*; 4. *юридикалык (укуктук) белги*; 5. *сакралдуу белгилер*; 6. *кызматтык* же *"касталык белгилер"*; 7. *шаман тамгасы*.

Биз эн тамгаларды төмөнкүдөй семантикалык топторго бөлөбүз:

1. ***Жаныбарлар дүйнөсүнө байланышкан эн тамгалар***: *бугу тамга, бөрү тамгасы, байкүчүк бөрү, кара багыш, жагалмай тамгасы, каз* ж.б.; 2. ***Жаратылышка байланышкан эн тамгалар***: *ай тамга, гүл ж.б.*; 3. ***Курал-жаракка байланышкан эн тамгалар***: *жаа тамга, кылыч тамга;* 4. ***Конкреттүү турмуш-тиричилик буюмдарына байланышкан эн тамгалар***: *чот тамга, балта, керки тамга, ак тери, боз тери, кайчы тамга, орок тамга, балка тамга, көөкөр тамга* ж.б.; 5. ***Ар кандай аталыштагы эн тамгалар***: *арык тамга, ача тамга, төгөрөк тамга, куу сөөк, босого тамга, туура тамга, тооке тамга, кош тамга, жогору тамга, төмөн тамга, көксөө тамга, сакоо тамга* ж.б.; 6. ***Уруу аттарына байланышкан эн тамгалар***: *саяк тамга, черик тамга, адигине тамга, кара баргы тамга, кыпчак тамга* ж.б.

**Эн тамгалары жазма эстеликтерде.** Эн тамгаларынын табылган жерлери: *Койбалы, Тешеба, Уйбат чаатасы, Капчалы, Тесь, Гришкин Лог, Михайловский көрүстөнү, Джесос, Копён, Минусинск станциясы*. Эн тамгаларынын табылып жаткан ареалы кенен: Хакас-Миң-Суу ойдуңу, Тыва, Тоолуу Алтай, Монголия, Кыргызстан, Крым жарым аралы, Венгрия ж. б.

*Тамга-белгилерден* турган керээз эстеликтер Енисей**,** Хакас, Тоолуу Алтай, Кыргызстан ж.б. региондордогу эстеликтердин тобунан учурайт.

Эн тамгалар жана сүрөттөр менен жыш капталган ыйык жерлер Тывадагы ***Хая-Бажы***, Хакасиядагы ***Сулек*** жана ***Тепсей*** аскалары болуп эсептелет.

Хакас-Миң-Суу ойдуңундагы археологиялык казуулардан (***Копён, Уйбат*** ж.б.) табылган идиш-аяктардагы эн тамга белгилери (VI-X кк.) алардын кыргыздарга таандык экендигин көрсөткөн.

А.Д.Грач тарабынан б.з. I жана II миң жылдыктарынын чегинде Енисей дарыясынын боюнда Миң-Суу ойдуңунда казылган дөбөлөрдүн ичинен табылган Дамаск болотунан жасалган кылычта “Мое имя – Багыр” деген жазуунун астында *уруу тамгасы* чегилген (Ю.С.Худяков, 2003: 16). Мындай *уруу тамгасы* Качырбандан табылган эстеликтерде да кездешет.

Кыргыздардын эн тамгалары Енисей жазууларында, мисалы, Ачур кыштагынан 22 км жайгашкан Койбал талаасынан табылган моло ташта (В.Радлов, 323), азыркы Тыва аймагындагы кыргыздарга таандык рун сымал жазууларда да кездешет.

Енисейдеги тамгалардын 18 түрүн Р.Л.Кызласов, Тывада 12дей түрү болгондугун И.А.Батманов көрсөткөн. Енисей эстеликтеринде *кочкор мүйүз тамга* көп кездешет. Эн тамгалары менчик белги катары кыргыз вазаларына да коюлган.

Кыргыз эн тамгаларынын басымдуу бөлүгү тотемдерди аныктап, уруу, уруулук бирикме сыйынган жаныбарлардын, жырткыч куштардын символдуу элестерин чагылдырат.

О.Каратаев (2013: 144) эн тамгалар кыргыздарга, кара калпактарга, хакастарга, алтайлыктарга, тывалыктарга, башкырларга, ногойлорго, казактарга мүнөздүү көрүнүш деп эсептейт.

**Алтай эн тамгалары**. Енисей жана Алтай эн тамгаларында окшоштук байкалат. Бул С.Гайсиндин 1927-жылы жай-күздө Тоолуу Алтайдын ар кайсы жерлеринен чогулткан эн тамгалары мисал боло алат.

**Ферганалык эн тамгалар.** Уруу тамгалары XIX к. аягында XX к. башында ферганалык кыргыздар тарабынан килемдерде жана башка буюмдарда колдонулган. Алардын эн тамгаларынын башаты эң байыркы замандарга барат жана алар атадан балага өтүп келген. Кыргыздардын, т.а., Кичи жана Орто ордонун көптөгөн уруу тамгалары белгилүү. Мисалы, касымовдук кыргыздардын тамгалары 1627-жылы “Касымовдук падышалар тууралуу изилдөөлөр” деген эмгекте берилген.

**Эн тамгалар Кыргызстандын территориясында**. Байыркы кыргыз

эн тамгалары Кыргызстандын түштүгүндөгү Чоң-Бүлөлүдөгү Жоош айылынын түндүк-батышында жайгашкан кызыл кумдуу зооканын чыгыш бөлүгүндө чегилгендигин, ал эми түштүк-батыш жагын *тамга* жана геометриялык схемалар ээлегендигин, ошондой эле зоока астында жаткан чоң таштa *тамга түрүндөгү сүрөт* кездешкендигин (2006: 50-51), ал эн тамгалар бул жерлерде байыркы замандан бери эле кыргыздардын жашагандыгын далилдерин Л.Джусупакматов маалымдайт.

Таластын күнгөй тарабында Терек-Сай коктусундагы аска бетине жазылган рун тамгалардын ортосунда *тамганын сүрөтү* бар. Мындай тамга Енисей эстеликтеринде да кездешет. Кочкордогу жазуулардын биринин алдында Енисей эстеликтериндегидей *кочкор мүйүз тамганын* сүрөтү учурайт.

**Семасиография. 1. Нака жазууга чейинкилер: 2) Идентификациялык-мнемоникалык ыкма: Татуировка.**

Байыркы кыргыздар (гяньгундар) узун бойлуу, сары чачтуу, көк көздүү келип, денелерин татуировкалашкан. Баатырлары колдоруна татуировка, аялдар күйөөгө чыкканда моюндарына татуировка түшүрүшкөн. Мындай маалымат Н.Я.Бичуринде (1950, I б., 50), А.Н.Бернштамда (1998, II, 191), Ю.С.Худяковдо (2003: 38), Ханзу жазмаларында (2001: 293) ж.б. бар. Кыргыздардагы татуировкалоо салты - алардын эң байыркы эл экендигинин дагы бир далили. Бул кыргыздардын социалдык абалынан маалымат берген. Мындай салт байыркы мезгилде скиф урууларында болгон.

Татуировканын таштык доорунда да колдонулгандыгы бюсттук бет каптардан улам белгилүү болгон. Ал бет каптарда каза болгон кишилердин тирүү кезиндеги татуировкаларынын издери сакталып калган.

**3-бапта Семасиография. 2. Сөздүк ыкма: Логографиялык жазуу** каралат. Пиктографиялык жазууну түшүнүү оңой болгон, ага атайын сабаттуулук талап кылынган эмес. Бирок, абстрактуу жана татаал түшүнүктөр, энчилүү аттар үчүн пиктограммалар болгон эмес, ошондуктан ойду толугу менен билдирүүдө кыйынчылыктар келип чыккан.

Пиктографиядан идеографияга өтүүдө ар бир сүрөт-символго белгилүү бир инварианттык маани бекитилген. Жазма белгилердин стилизациялануу жана схематизациялануу процессинде белгилер шарттуу символдорго айланган. Натыйжада, логографиялык жазууда сөздөр маанилерине ылайык түшүнүктөрдү билдирүүчү шарттуу белгилер (идеограммалар же логограммалар) аркылуу берилген. Кыргыздар колдонгон байыркы кыргыз орнаменттериндеги, оюуларындагы ар кыл тематикадагы мотивдер сөздүк (логографиялык) жазуунун мисалы болуп эсептелет.

Кыргыз орнаменти акырындык менен калыптанган, өзүнүн составына эң эрте, кечки элементтерди камтыган жана ар кандай мезгилде чектешкен элдердин таасирлерин өз боюна сиңирген. С.В.Иванов (1961) Сибирь элдеринин орнаментинин тамыры коло дооруна, ал түгүл неолит дооруна барарын маалымдайт.

Тыванын түндүк-чыгышында Саян тайгасындагы **неолит доорунда**

жашашкан аңчылар жана балыкчыларда керамикага сүрөттөр жана *геометриялык жөнөкөй фигуралар, балаты, кашаа* түрүндөгү сызыктардан турган оюулар түшүрүлгөн.

Б.з.ч. II миң жылдыктын башталышында Түштүк Сибирдин басымдуу бөлүгүндө ***окуневдик маданияттын*** өкүлдөрү керамикага *штамп, түз сызыктар, тордомолуу оюулар* ж.б. түшүрүшкөн.

Б.з.ч. II миң жылдыкта Миң-Суу ойдуңунда жана андан ары Уралдын алдына чейин ***андронов маданиятынын*** алып жүрүүчүлөрү, ал жерде жашапаса да, Сибирь элдеринин орнаментикасына, мисалы, чопо идиштерге *геометриялык орнаменттерди*: *орнаменттик бурчтар, үч бурчтуктар, ийри-буйру сызык, чарчы, ромбдор, Г- образдуу фигуралар, кресттер, свастика* ж.б. түшүрүшкөн.

***Б.з.ч. II миң жылдыктын аягында*** Түштүк Сибирде, Казахстанда жана Монголияда ***Карасук доорунда*** буюмдар *геометриялык оймолор менен кооздолгон,* кээде айбанаттардын баштарынын фигуралары куюлган коло бычактар жасалган.

***Б.з.ч. I миң жылдыктын башында*** Евразия талааларындагы малчы көчмөндөрдүн искусствосундагы жаркын этап - **скиф мезгили** (б.з.ч. VII-III кк.) болуп саналат. Талаа зонасындагы малчы урууларда – батыштагы скифтерден баштап чыгыштагы Тывага жана Монголияга чейин ошол мезгилдеги абдан тыгыз маданий байланыштар өзгөчө курал-жарактардын, ат жабдыктардын жана көркөм стилдин бир түрдүүлүгүнөн көрүнгөн.

**Хакасия орнаменттери. Таштык маданиятындагы орнаменттер (б.з.ч. I миң жылдыктын ортосу – б.з. V к.).** Л.Р.Кызласов, Г.Г.Королдун маалыматы боюнча (1990: 156, 13-14) таштык маданиятына тиешелүү 109 топурак күмбөз, 58 сагана, 24 таштык маданиятынан кийинки күмбөздөр, 7 кыштак, 31 өлгөндү эскерүүгө арналган курмандык чалуу комплекси изилденип, материалдардын көпчүлүгү - *чоподон жасалган идиштер,* 1155 идиштин ичинен 50% тей фрагменттер экендиги аныкталган. Жыгач, кайың кабыгынан жасалган, сөөктөн жасалган буюмдары жана бет каптар аз санда болгон.

Таштык орнаменти, негизинен, *геометриялык*. Басымдуу бөлүгү (80 %) – *түз сызыктуу мотивдер* (В.Киселев 1990: 16). Бул орнаменттер Енисейдин оң жана сол жээктеринде кеңири тараган жана алар туруктуу мүнөзгө ээ болгон. Таштык орнаментинде өзүнөн мурунку мезгилдеги орнаменттердин бардык жетишкендиктери чагылдырылган.

Таштык орнаментинин комплекстери архаикалык жана кечки деп экиге бөлүнөт.

I *Архаикалык*. Буга ***I, II, III типтеги керамикадагы жана башка буюмдардагы орнаменттердеги мотивдер*** (С.В.Киселев, 1949, № 9, 239) кирет, көптөгөн композициялардын тамыры ***коло*** дооруна, айрымдары ***неолит*** дооруна барат.

II ***Кечки.*** Буга ***IV, V типтеги керамикадагы жана жыгачтагы, ошондой эле VI/1 тибиндеги жыгачтагы орнаменттер*** кирет. Бардыгы -

*кыйшык сызыктуу* орнаменттер. Ал Түштүк Сибирдин территориясында, Хакас-Миң-Суу ойдуңунун чегинен тышкары (Алтайда, Тывада, Түндүк Монголияда) ***эрте темир доорунда*** пайда болгон, гунн таштык мезгилинде Хакас-Миң-Суу ойдуңуна сүңгүп кирген.

**Орто кылымдардагы искусство (IV-X кк.)** Кыргыздардын Борбордук Азиянын саясий аренасына чыгуу мезгили – *чаатас* (VI- IX кк. ортосу) жана *тюхтят* (IX к. ортосунан –X к.) маданиятынын гүлдөгөн мезгилине туура келет.

**1.** ***Чаатас маданиятындагы орнаменттер*** (***VI-IX кк. ортосу***). Л.Р.Кызласов, Г.Г.Королдун (1990: 14) маалыматы боюнча бул маданиятка тиешелүү 92 көрүстөн жана бир кыштак, 300 *металлдан жасалган буюмдар* жана 135 *чопо идиштер* (анын ичинен 50 %и фрагменттер) изилденген. *Кайыңдын кабыгынан, сөөктөн жана жыгачтан жасалган буюмдардын саны* - 12. Жалпы иликтенген буюмдардын (447 нуска) ичинен 32,2 % күтүлбөгөн табылгалар.

Чаатас маданиятынын эстеликтерин А.В.Адрианов жана Д.А.Клеменц, Л.Р.Кызласов, С.А.Теплоухов, Л.А.Евтюхова, С.В.Киселев, В.П.Левашева жана М.М.Герасимов ж.б. изилдешкен.

С.В.Киселев. Л.А.Евтюхова (1939; 1940) ***Копён чаатасынын*** дөбөлөрүнөн табылган предметтерди, аларга орнамент түшүрүү техникасын, айрым мотивдердин келип чыгышын, тарыхын изилдешкен.

Г.Г.Король IV-X кк. орнаменттеринде, аларда орнаментациянын жалпы белгилеринин өзгөргөндүгүнө карабастан, таштык маданиятынын акыркы мезгилиндеги белгилер сакталып калгандыгын белгилейт.

**2.** ***Тюхтят маданиятындагы орнаменттер (IX – X кк.).*** Тюхтят маданиятына тиешелүү 102 көрүстөндүн табылгалары жана эки шаар борбору иликтенген. Алардын ичинде металл буюмдар (1227), керамика (13 нуска), кайыңдан жана сөөктөн жасалган предметтер (7) бар. Алардын ичинен 70 %и – кокусунан табылгандар (Л.Р.Кызласов, Г.Г.Король, 1990: 14).

В.П.Левашева (1939: 19-21) Хакас-Миң-Суу ойдуңундагы байыркы хакас орнаментациясындагы *антропоморфдук жана зооморфдук символдук белгилерге* көңүл турган, эрте орто кылымдык искусствонун стилистикалык өзгөчөлүктөрүн (*шарттуулук, схемалуулук*) көрсөткөн.

Тюхтят орнаментинин ар түрдүү мотивдерине *геометриялык, өсүмдүк* жана *зооморфтук* орнаменттер кирет.

**Байыркы хакас орнаменттериндеги негизги комплекстер** төмөнкүлөр (Кызласов Л. Р., Король Г. Г., 1990:177): *I – архаикалык; II – байыркы; III – эрте орто кылымдык; IV – орто кылымдык.*

***I жана II комплекстеги оюулар.*** VI-X кылымдардагы I жана II комплекстеги оюулардын башаты - *таштык маданиятына* барат, *чаатас маданиятында* аталган комплекстеги оюулар басымдуулук кылат.

***I Орнаменттеги архаикалык комплекс.*** Биринчи комплекстин мотивдеринин башаты тамыры менен *коло дооруна* барат. Этнографиялык хакас

орнаментинде (өзгөчө жыгачка оймо салууда) архаикалык комплекс абдан кеңири берилген.

Архаикалык мотивдер жыгачты калай менен инкрустациялоодо; металлды гравюралоодо; хакас саймаларында кездешет. *Тамбур тигиши* да азыркы хакас орнаментиндеги эң эле байыркы мотивдер.

***Түз сызыктуу геометриялык хакас орнаментинин тамыры коло дооруна*** барат. Азыркы хакас орнаментинин ушул түрлөрүнүн айрым жактары (техника, композиция) өзүнүн башаты боюнча б.з. I-V кылымына барат (1990: 180) деп болжолдонот.

***Түз сызыктуу мотивдердин*** башаты болжолдуу түрдө IV (орто кылымдардагы) комплекске барат - *туташ ромбдордон, үч бурчтуктардан* турган айрым курлар, кээде ал элементтер *тегерек формада* болот. Экинчи өзгөчөлүгү - *"теше оюлган"* орнаментация. Металлдагы хакас оюуларынын мындай традициясы аскиз маданиятынын кечки этабындагы ыкмалардын уландысы болуп эсептелет.

***II Байыркы орнамент комплекси.*** Бул комплекске ***кыйшык сызыктуу мотивдер*** кирет: *эшилме сызык (спираль), волюта, "кочкор мүйүз" жана арка түрүндөгү* ж.б. мотивдер. Бул мотивдер Хакас-Миң-Суу жергесинде б.з. чегинде пайда болуп, орто кылымдарда андан ары өнүгүүгө ээ болгон. Алар хакас орнаментинде металлга түшүрүлгөн, өзгөчө саймада кеңири колдонулган (1990: 181). Саймадагы орнаментте "***кочкор мүйүз***" өзгөчө орунда турат. Мындай мотив таштык орнаментинде эле, ошондой эле орто кылымда да белгилүү болгон.

Хакас орнаментинде "***толкундуу сызык***" - абдан кеңири тараган мотив жана жаратылышы байыркы. Хакас орнаментиндеги кездешкен "***арка түрүндөгү мотив***" Хакас-Миң-Суу ойдуңунда таштык мезгилинде эле пайда болгон жана азыркы учурда хакас орнаментинде кездемеде жана металлда кездешет. Ошентип, азыркы хакас *кыйшык сызыктуу орнаменттин* түпкү теги байыркы II комплекске барат.

***IV комплекске*** айрым мотивдердин түпкү теги барары болжолдонот: көбүнчө ***өсүмдүк мүнөзүндөгү*** элементтер (стилизацияланган жаш бутак) бар кыйшык сызыктуу мотивдер же өсүмдүк орнаментациясына мүнөздүү ***дарак формасындагы композиция*** (1990: 181). Хакас орнаменти канчалык байыркы болсо, ошончолук анда ***эшилме сызык*** (спираль) жана "***эки кабат волюта***" орнаменттери көбүрөөк (Д.А.Клеменц, 1889: 46-47). ***Эшилме сызык (спираль), волюта, "кочкор мүйүз" жана арка түрүндөгү*** ж.б. мотивдер (1990: 181). орто кылымдарда андан ары өнүгүүгө ээ болгон.

***III "Эрте орто кылым комплекси*****:** аталган кылымдарда пайда болгон жана XIII-XIV кк. да кеңири тараган мотив - *чырмалышкан жаш бутак*. Анын башаты орто кылымдагы байыркы хакас орнаментинин III комплексине барат. Айрым кыйшык сызыктуу мотивдердин тамыры да аталган комплекске барат. Мисалы: сөөк буюмдардагы *жарым айлана түрүндөгү оюулар,* металлдагы *розеткалар,* жыгачтагы *оюулар* ж.б. (1990: 183).

С.В.Киселевдун маалыматы боюнча (1949: 349) байыркы кыргыз орнаменти менен азыркы хакас орнаментинин байланышы хакастардын азыркы жүгөндөрүнүн жана ээрлеринин комплектисинен көрүнөт.

***Гүл розеткалары*** өсүмдүктөр орнаментине өтүү процессиндеги баскыч болуп эсептелет, башаты орто кылымдардагы III комплекске барат (1990: 183). Байыркы өсүмдүктөр орнаментинин негизги элементтери – *үч жалбырактуулар, пальметтер* дээрлик өзгөрүлбөстөн металл буюмдарда жана саймаларда сакталып калган.

***Өсүмдүктөр мотивдерин*** түзгөн композициялар өзүнүн чыгыш теги боюнча эрте орто кылымдарга таандык. Алар: *крест образындагы фигуралар, бөлүктөргө бөлүнүп кеткен пальметтер*; *бөлүктөргө бөлүнүп кеткен пальметтерден турган созулган фигуралар түрүндөгү дарак сымал композициялар*; *сөңгөгү жана буралган жалбырактары бар "дарак"*; *жүрөк формасындагы жабык жана жарым жабык фигуралар*. Ошол доордогу геометриялык элементтер өсүмдүктөрдүн аттары менен аталган.

***Этнографиялык орнаменттеги өсүмдүктөр*** мотиви, композицияларынын келип чыгышы эрте орто кылымдагы III комплекске (IX-X кк. кеңири таралган) барат (1990: 186).

Байыркы хакас орнаментинин III комплексине **зооморфтук мотивдер** (*айрым куштардын, балыктардын, жаныбарлардын сүрөттөрү*) да кирет. Мисалы, С.В.Иванов (1954: 595) алар чылдырмандарда (бубен), - *аттар* - жыгач оюуларында, саймаларда, *балык жана куштар* – металлды гравюралоодо кездешет дейт, ошондой эле *жаныбарлардын жана куштардын* сүрөттөрү XVII-XIX кк. хакас аска композицияларынан белгилүү.

**Байыркы орнаменттер - азыркы хакас орнаментинин өзөгү.** Азыркы хакас орнаментин тарыхый жактан калыптанган үч комплекс-катмарга бөлүүгө болот: I *түз сызыктуу*; II *кыйшык сызыктуу;* III *өсүмдүктөр катмары.*

***I катмар*** [*түз сызыктардын кесиндилеринен* турат] тамыры менен ***коло*** дооруна барат, таштык, чаатас маданияты мезгилиндеги орнаменттерде кеңири колдонулган жана андан кийинки мезгилдерде да белгилүү болгон.

***II катмардын*** элементтери ***таштык*** маданиятында пайда болгон, андан кийинки мезгилдерде өнүгүүгө ээ болгон жана *кыйшык сызыктуу* өсүмдүктөр орнаментинин жайылышына негиз болуп берген. Өзгөчөлүгү - ага орто кылымдардагы өсүмдүктөр орнаментинин геометризацияланышынын жыйынтыгында пайда болгон мотивдер кирген.

***III катмардын*** башаты эрте орто кылымдардагы ***чаатас*** жана ***тюхтят*** маданияттарынын орнаментерине барат. Андагы иконографиялык деталдар мотивдерге *ботаникалык түр* берет жана бул кийинки таасирлер менен байланыштуу.

**Орнаменттеги негизги жана көмөкчү типтер.** Сибирь элдеринин орнаментинде негизги жана көмөкчү типтер болот (Иванов С.В., 1961: 376). Алар: 1 – саян-алтай (II) тиби; 2 – орто сибир тиби (III); 3 –түштүк сибир тиби (X).

Байыркы хакас орнаментинин Орто Азия жана Казахстан элдеринин: кыргыздар, казахтар, каракалпактардын орнаменттери менен жакын параллелдери бар. Л.Р.Кызласов, Г.Г.Король (1990: 188) өзгөчө кыргыз орнаментинде хакас орнаментинин II-III катмарына кирген ар кандай мотивдердин орун алгандыгын белгилешет.

**Тыва орнаменттери. Тывалык орнаменттердин кыргыздык жаратылышы.** Тывадагы жүздөгөн дөбөлөр өткөн кылымдын 20-жылдарынан баштап С.А.Теплоухов, ошондой эле С.И.Вайнштейн, А.Д.Грач, М.Х.Маанай-оол ж.б. тарабынан иликтенген.

С.И.Вайнштейндин эмгегинде (1974) «***кыргыздардын» искусствосуна кыскача обзор берилген***» дешет Л.Р.Кызласов, Г.Г.Король (1990: 12). Ал кыргыз искусствосунун өз алдынчалыгын, жергиликтүү традицияларды жана аларга тийген ар түрдүү таасирлерди (батыш, чыгыш) белгилеген. Л.Р.Кызласов, Г.Г.Король алтын копён идиштеринин чет өлкөлүк чеберлер тарабынан жасалган деген С.И.Вайнштейндин жыйынтыгы ишенимсиз дешет, анткени деталдарды дыкаттык менен иликтөө бул жасалгалардын жергиликтүү өнөрпоздор (*кыргыздар тарабынан – К. Дж.*) тарабынан жасалган деген С.В.Киселевдун пикирин ырастаган (1990: 12). Демек, алтын копён идиштериндеги орнаменттер, оюулар кыргыз усталары, өнөрпоздору тарабынан аткарылган.

***Скиф мезгилиндеги орнаменттик искусство***. Түштүк Сибирь урууларынын скиф мезгилиндеги орнаменттик искусствосу Тывадагы эрте көчмөндөрдүн орнаменттеринин үлгүлөрүнөн көрүнөт. Ошол мезгилдеги искусствого мүнөздүү элементтер: мурунку доорлордон сакталып калган айрым ***геометриялык мотивдер.*** Өзгөчө – *ийри-буйру сызык*.

Кыйшык сызыктуу өсүмдүк мотивдери да кеңири тарайт. ***Өсүмдүктөр мотиви*** – *розеткалар* жана *ар түрдүү чырмалышкан оймолор* үзөңгүлөрдө, териден жана кийизден жасалган буюмдарда кездешет. Мисалы, И.Вайнштейн (1974: 27) *көп жалбырактуу розетка* түрүндөгү тогоо ***Кокель Туран-IVтөн*** табылгандыгын белгилейт. Аларда *толкун, S-түрүндөгү мотивдер* колдонулган .

***Гунн-сармат мезгилинде*** (1974: 39) Тыванын жергиликтүү урууларында прикладдык искусство өнүккөн. Керамика *чапталган* жана *чийки чоподон сыгып чыгарылган* орнаменталдык оюулар менен коздолгон, жыгачтан жасалган буюмдар *көркөм оюу жана түр, коздук (роспись)* менен капталган, кийизден жасалган буюмдар *оюулар жана аппликациялар* менен коздолгон.

***Сыын-Чюрек прикладдык искусствосу*** Тыванын ар кайсы райондорунан, өзгөчө Кокель көрүстөнүнөн төрт жүздөн ашуун *жыгачтан жасалган идиштер, алтындан, колодон, сөөктөн жасалган зер буюмдар* табылган (С.И.Вайнштейн, 1962; 1974: 39,44). Жыгач буюмдарды коздоодо ***геометриялык*** мотивдер (*шеврон, туташтыруучу ромбдор, ийри-буйру оюу, кыйшык сетка* ж.б.), кээде геометриялык оюулар *зооморфдук мотивдер* менен айкалышып колдонулган.

***Түрк доорундагы орнаменттер*** ат жабдыктарында, курал-жарактарда, зер буюмдарда колдонулган (1974: 64). Сөөктөн жана жыгачтан жасалган буюмдарга түшүрүлгөн эң жөнөкөй мотивдерден (*тегерек, ортосунда ноокоту бар тегерек, ийри-буйру оюу, үч бурчтук, өрмө оюу* ж.б.) башталып, *өсүмдүктөр оюусу*, андан тышкары дагы татаал оюулар (*төрт жалбырактуу жана сегиз жалбырактуу розеткалар, өрмө оюу, крест түрүндөгү, мүйүз түрүндөгү фигуралар, эшилме сызык, тегерек, борборлош тегеректер, толкун, ийри-буйру оюу)* колдонула баштаган.

**Кыргыз доорундагы кыргыз орнаментикасы.** Кыргыз өнөрпоздору кийимдерге, ат жабдыктарына, алтын жана күмүш идиштерге ар түрдүү оюуларды түшүрүшкөн. ***Өсүмдүктөр мотиви*** (*жалбырактары жана гүлдөрү бар чырмалып өсүүчү жаш бутактар*) маанилүү ролду ойногон. Көп учурда оюулар ***зооморфтук мотивдер*** менен кошумчаланган. Декоративдүү композицияларда *атчандар, ал түгүл көп фигуралуу аңчылык сценалары* кездешкен. Металл буюмдарын ***инкрустациялоо*** үчүн алтын, күмүш, коло колдонулган. Жасалганын дагы бир түрү – ***штампталган коло рельефтери Копён*** дөбөлөрүнөн табылган (Л.А.Евтюхова, С.В.Киселев, 1940). Кыргыз доорунда кыргыз ат жабдыктары *инкрустация колдонуу менен абдан көркөмдөлүп оймолонгон өсүмдүктөр оюусу* менен кооздолгон (С.И.Вайнштейн, 1974: 74). Кыргыз дөбөлөрүнөн *гравюраланган* жана *инкрустацияланган* тогоолор, таралгалар табылган.

Кыргыз ак сөөктөрү колдонгон кооздолгон алтын жана күмүш идиштер Миң-Суу ойдуңундагы Копён дөбөлөрүнөн табылган. С.В. Киселев жана Л.Евтюхова (1940) алардын ичинде эң ичке чеканкаланып, абдан көркөмдөлгөн оюулар түшүрүлгөн алтын идиш бар экендигин маалымдашат. С.И.Вайнштейн (1974: 74) бул идиштин негизин *өсүмдүк оюулары* түзөрүн, С.В.Киселев (1951: 618)копён алтын идиштери жана кооздолушу ошого жакын алтын кумуралар жергиликтүү кыргыз өнөрпоздорунун колдорунан жасалгандыгын белгилейт.

Кыргыз карапаларына ар кандай оюулар атайын штамптар менен түшүрүлгөн. Мисалы, керамикада *үч бурчтуктар, ромб, чарчы, үзүлмө сызык, балаты* ж.б. болгон.

**IX кылымдагы кыргыз прикладдык искусствосу.** IX-X кылымдардагы кыргыздардын эң эле көп көрүстөндөрү азыркы Тыванын территориясынан табылган, алардын көбү изилденген. Аларга, Длужневскаянын (1982а) маалыматы боюнча, IX-X кылымдарга тиешелүү 290дөй өлүк коюлган жана өлүккө бата кылуучу курулуштар, ырым-жырымга байланыштуу буюм-тайымдар жана мемеративдүү дөбөлөр кирет.

Тывадагы кыргыз дөбөлөрүнөн көптөгөн *кооздолгон металл буюмдары* (жеке жасалгалар, тогоо, таралгалар, курдун, ат жабдыктарынын деталдары, турмуш-тиричилик буюмдары) табылган. Мисалы, Л.Н.Нечаева 1966: 108-142) батыш Тывадагы ***Тор-Тал-Арты көрүстөнүнөн*** курдун жана ат жабдыктарынын *металл жасалгалары*, С.И.Вайнштейн (1974: 75) Миң-Суудагы

***Тюхтят казынасынан*** *төрт жалбырактуу розетка менен орнаментацияланган* таралга табылгандыгын маалымдашат.

Байыркы кыргыз ***Кокель көрүстөнүнөн*** курдун жасалгалары табылган, эң эле көркөмдүүсү – *курдун жез таралгасы* болуп саналат (1974: 76): Көпчүлүк таралгалардын орнаменттери эрте көчмөндөрдүн чөйрөсүндө кеңири тараган *S түрүндөгү жана бутактары бар оюуга* негизделген.

Кыргыздар ***жыгачты, мүйүздү жана сөөктү*** тилип коздошкон, тилекке каршы ал материалдар сакталган эмес. Ошондой болсо Тор-Тал-Арты көрүстөнүндө (Л.Н.Нечаева, 1966) сөөктөн жасалган буюмдун сыныгы (*ортосунда нокоту бар эки катар тегерек* борборунда жайгашкан, чет жактарын бойлото *жол-жол сызык* орун алган) табылган.

Кыргыз орнаменттеринин татаал композициялары, оюулардын айрым мотивдери Тыванын жергиликтүү урууларынын маданиятында туруктуу сакталып калган.

**Жыгачка түшүрүлгөн оюулар.** Жыгачтан жасалган буюмдар көчмөн турмушта кеңири колдонулган. Тывалык малчылар ***боз үйдүн эшигине, сандыкка, бешикке, сүт сакталуучу идишке, кутучаларга*** ж.б. орнамент түшүрүшкөн.

Көчмөндөр ***сокуларды*** колдонушкан. Алардын жогорку бөлүгү *меандр алкагы*, дагы башка сокулардын тулкусу *ийри-буйру иймек жана тегерек* оюулар менен кооздолгон. Сокуларда *кыйшык сызыктуу* жана *геометриялык оюулар* айкалышып берилген, ошондой эле орнаменталдык мотивдеги оюулар (*жалпак-оюк* жана *жалпак-рельефдүү оймо*) орун алган.

Көчмөндөрдө ***жыгач идиштерден*** *цилиндр формасындагы* сүт жана суу үчүн жасалган чакалар *оюп жасалган оймолор* менен кооздолгон. Чакаларда адатта *шеврондордон турган кууш горизонталдуу алкак, түз жана кыйшык үч бурчтуктар*, кээде *решеткалуу (өңгүл-дөңгүл),ийри-буйру сызык, меандра, ромб, иймек* ж.б.орнаменттер болгон. Ошондой эле *төрт жалбырактуу розеткалары ичтен сызылган ромбдор, алкагы жок розеткалар, жарым ромбдуу мүйүз түрүндөгү фигуралар* ж.б. (1974: 115) да кездешет. Бул идиштердеги орнаменттер байыркы оюулардын традициялык мотивдерин муундан муунга өткөрүп келген.

**Орнаменттин өзгөчөлүгү, маанилери.** Айрым элементтеринин жазылыш түспөлү боюнча орнаменталдык оюулар ***геометриялык, өсүмдүктөр*** жана ***зооморфдук*** болуп бөлүнөт. С.И.Вайнштейн (1974: 145). оюулардын тандалышы материалдын өзгөчөлүгүнө, буюмдун мүнөзүнө жана калыптанып калган традицияга жараша боло тургандыгын маалымдайт. Мисалы, ***жыгачка*** оймо салуу, ***кийиз*** буюмдарга жана ***кездемеге*** сайма саюуда негизинен ***геометриялык оюулар*** колдонулат: *ийри-буйру, кыйшык сетка, үч бурчтук, анын ичинде кыйшык штрихтелген, ичине кичине үч бурчтук сызылган үч бурчтуктур (чадырлап), Т-образдуу меандр(баска хээ) жана Г-образдуу (солун-хээ), свастикасы (кас) бар оюу (тувен хээ); спиралдын тик бурчтуу модификациясы (дорбелчин), жуп кайчылашкан ром (кадын сырга) ж.б.*

**Жыгачка, металлдан жасалган ювелирдик буюмдарга, булгаарыга** кыскыч менен түр салууда жана аппликация жасоодо ***өсүмдүк мотивдери*** басымдуулук кылат: *көп жалбырактуу розеткалар (чечектеп), көбүнчө төрт жалбырактуу розеткалар, ошондой эле өсүмдүк бутактарын элестеткен кыйшык сызыктуу фигуралар.* Ошондой эле *волюталар, айланган розетка (коргулчун)* ж.б.

**Териге, жыгачка түшүрүлгөн кооздукта (роспись), металлда *зооморфтук мотивдер*** да сейрек эмес: аларга негизинен *ар түрдүү мүйүз оюулардын ар кандай модификациясы* түшүрүлөт. Ар кандай материалга *чакмактанып чырмалышкан мотив* түшүрүлгөн, ал эми *символикалык белгилердин* редукциясы сейрек кездешет

**Орнаменттин генезиси.** Оюулардын баштапкы элементтери олуттуу эволюцияны: стилизация жана татаалдашууну башынан өткөргөн. Орнаментацияны түшүрүү ыкмаларынын жана материалынын өзгөрүшү айрым оюулардын эволюциясына таасир эткени менен баштапкы мотивдер жоголбостон, миңдеген жылдар бою сакталган. Ошону менен катар эле орнамент ички процесстер жана башка этностордун маданиятынын таасири менен байыган.

Көчмөндөр колдонгон орнаменттин тарыхый-генетикалык катмары үчкө бөлүнөт: 1. Көчмөн маданиятка чейинки катмар; 2. Эрте көчмөн катмары; 3. Кечки көчмөн катмары.

**1. *Көчмөн маданиятка чейинки тарыхый-генетикалык катмар.*** Буга: *үзүлмө сызык, вертикалдуу түз сызыктуу кур, кыйшык тор, үч бурчтуктар,ошондой эле штрих түшүрүлгөн, кичинекей үч бурчтугу бар үч бурчтуктар, шеврондон, ромбдордон турган курлар, ичтен сызылган кичинекей ромбдору бар ромбдор, чарчы сызактан турган курлар, ошону менен катар эле ичтен сызылган кичинекей чарчы сызыгы бар квадраттар, кыйшык штрихтелген үч бурчтуктуу курлар, тар бурчу ылдый караган үч бурчтуктуу кур, Г-образдуу меандр, свастика, ичтен сызылган үч бурчтугу бар диагоналдык кесилишкен төрт бурч, ошондой эле триквестр* ж.б. (С.И.Вайнштейн, 1974:154) кирет.

Көчмөн маданиятка чейинки мотивдердин бөлүктөрү азыр (Сибирь, Орто Азия жана Чыгыш Европада, тывалыктардан башка Саян-Алтай жана якуттарда) кеңири тараган. Айрым элементтер Сибирде неолит мезгилинде эле болгон, бирок мотивдердин көп бөлүгү коло дооруна – андроновдук маданиятка (б.з.ч. II жылдыкка) барат. Биринчи катмар Түштүк Сибирдин жергиликтүү малчыларынын орнаментикасына, ошону менен катар эле кийинки скиф жана гунн-сармат мезгилине да кирген.

**2. *Эрте көчмөн тарыхый-генетикалык катмарга*:** *розетка мотиви, жуп эшилме сызык, чырмалган орнамент, пальметки, толкун мотиви, S-образдуу фигуралар, айрым мүйүз мотивдери, арка түрүндөгү оюулар, эшилме сызыктардан турган тор орнамент, кабырчык* (С.И.Вайнштейн, 1974: 1955) кирет.

Бул катмарга ээрдин мүйүздөн жасалган тогоолоруна түшүрүлгөн орнаменталдык фигуралар кирет, алар - грифондун жуп баштары деп түшүндүрүлөт. Бул катмардагы фигуралар булгаары, кийиз, металл жана мүйүздөн жасалган буюмдардагы оюуларда, баш кийимдердеги саймаларда (*волюта*) кездешет, сүт куюучу идиштерге (*арка сымал оюу*) жана сокуларга (*жуп эшилме сызык*) түшүрүлөт жана көбүнчө Орто Азия жана Түштүк Сибирь, атап айтканда Саян-Алтай, ошондой эле якуттардын искусствосуна мүнөздүү.

Жогорудагы орнаменттик мотивдер скиф жана гунн-сармат мезгилинде Түштүк Сибирге кеңири таралган. Алтайдын *Пазырык, Башадар жана Туэкта, Тыванын дөбөлөрүнөн* табылган эстеликтер орнаменттерге өтө бай. Аларга *розетка, ар түрдүү буралган сызыктар, пальметка, волюталар, S-түрүндөгү фигуралар* кирет. Тыва дөбөлөрүндөгү казылган маданиятынан *эшилме сызыктуу орнаменти* бар керамикалык идиштер табылган. "*Кабырчак*" орнаменти скиф мезгилинен бери белгилүү, *эшилме сызыктуу мотивди камтыган тордомолуу орнамент, жуп эшилме сызык* гунндардын кабып тигилген кийиз килемдеринин оюуларында учураган.

Аталган катмардагы айрым мотивдер коло дооруна барат (М.П. Грязнов), бирок түштүк сибирдик уруулардын искусствосунда эрте көчмөн доорунда кеңири таралган (С.И.Вайнштейн 1974: 156) жана орнаменттер негизинен – *булгаары, жыгач, кийиз, металл, сөөк жана кездемелерге* түшүрүлгөн.

**3. *Кечки көчмөн тарыхый-генетикалык катмар.*** Бул катмарга мүйүз оюусунун формалары мүнөздүү (1974: 157), *крест түрүндөгү мүйүз образдуу бутактанган же учу ромб түрүндөгү* (кээде булар бир эле фигурада айкалышып берилет) *оюулар, ромб түрүндөгү бутактанган мүйүз фигуралары, крест менен тең бөлүнгөн борборунда пальма сымал элементтери бар тегерек, тегерек орнамент менен айкалышкан төрт жалбырактуу розетка.*

3-катмарга *циркуль оюусу* түшүрүлгөн металл буюмдар кирет. Бул оюу Сибирдин орнаментикасында коло доорунда, балким андан мурун пайда болсо да, анын кеңири таралышы кечки көчмөн маданият чөйрөсүндө болгон.

Бул катмарда *мүйүз-образдуу мотив* эң кеңири таралган модификацияланган оюулардын бүтүн бир тобун түзөт. *Мүйүз мотивдери* жакын варианттарда якут, бурят, Саян-Алтай жана Орто Азия элдеринин, Кичи Азиянын түрктөрүнүн орнаментикасына кирген. Мүйүз оюуларынан келип чыккан абстракцияланган мотивдер *кочкор мүйүз* деген аталышка ээ.

Түштүк Сибирдин элдеринин искусствосундагы орнаменттин өнүгүшүнө байкоо жүргүзүү – мүйүз-образдуу сүрөттүн тоо кочкорунун башынын стилизацияланган сүрөтүнөн абстрактуу орнаменталдык фигурага чейинки өзгөрүү процессин ачык көрсөткөн.

Башаты тоо кочкорунун мүйүзү болгон орнаменталдык формалар Түш-

түк Сибирде ***скиф мезгилинде*** эле белгилүү болгон. Муну үчүнчү Пазырык дөбөсүнөн табылган жыгач тогоодогу стилизацияланган жуп мүйүздөр (С.И.Руденко, 1953, табл. XXXV, 2,4) далилдейт.

Кечки көчмөн катмарда эрте дыйканчылык символу болуп эсептелген *бутактанган мүйүздүү ромб түрүндөгү фигура* да кеңири тараган. Тывалыктарда көп кездешкен *крест түрүндөгү тең бөлүнүп бутактанып ичине кайрылган төрт мүйүздүү розетка* кыргыздарда да кездешет.

Табияты чыгыш азиялык кечки катмарга кирген көп эмес мотивдерге *Т-образдуу меандр (балка), биримдик алкак деп аталган монета түрүндөгү оюу, кашаа фигуралары, көпөлөк түрүндөгү оюу, лотос гүлү, булут түрүндөгү оюу* ж.б. кирет.

Сибирдин жана Орто Азиянын түрк тилдүү элдеринин, якуттар, хакастар, кыргыздардын ж.б. искусствосунда тывалыктар менен көп окшоштуктар сакталган.

**Элдик орнамент – тарыхый булак.** Кыргыз орнаменттери кыргыздардын этномаданий тарыхындагы даректүү жазма булак болуп эсептелет. Ал кыргыздардын байыркы тарыхындагы бизге белгисиз ак тактарды толуктоого, башка этникалык топтор менен өз ара байланышын аныктоого жардам берет. В.Чепелев (1939, № 5: 36) элдик оюу - бул «образдуу тарых», ал тарыхый докуметтердин жазма тилине барабар деген.

**Орнаменттин негизги белгилери.** Орнаменттин үч негизги белгиси бар: айрым **элементтер** (мотивдин составдык бөлүктөрү); **мотив** – ошол элементтердин өз ара байланышы (орнаменттин кайталанган бөлүктөрү); **композиция** - предметтерде бир же бир нече мотивдердин жайгашуусу.

**Орнаменттин тиби** - составы жана композициясы окшош мотивдердин жалпылыгы болуп саналат. Типтер туруктуулугу менен айырмаланып турат.

**Орнаменттеги симметриянын үч түрү** бар. Алар: **1**. ***розеткалар,*** **2.** ***жээк, кыюулар,*** **3.** ***тордомолор***. Предметтерди коооздоодо жээк, эгерде ал тегерек предметтин четтерин алкактаса, розетка келип чыгышы мүмкүн. С.В.Иванов (1958: 20) өз кезегинде жээк тор орнаменттен (анын бир бөлүгүн кесип алуу жолу менен) келип чыгышы мүмкүн деген. Айрым учурларда, каракалпактарда, түркмөндөрдө, кыргыздарда жана өзбектерде, башка түрдөгү кубулуштар байкалат: орнаменталдык мотивдер аларда *түз сызыктуу* же *кыйшык сызыктуу* контурда болот.

Айрым элдердин искусствосунда фондук бөлүктөр оюунун өзү сыяктуу эле ролду ойноп, өз алдынча оюу катары чыккан учурлары бар.

**Кыргыз орнаментинин изилдениши.** Н.Зеланд (1885) биринчилерден болуп кыргыздарды этнографиялык жактан сыпаттаса, Альмаши “Кара кыргыздардын орнаменттери” (1907) аттуу эмгегинде кыргыз орнаментинде фитоморфтук оюуларга караганда зооморфтук орнаменттер архаикалык экендигин белгилеген жана негизги көңүлүн “кочкор мүйүзүнө” бурган.

Кыргыз килемдери жана андагы орнаменттер А.Фелькерзамдын (1915) эмгегинде, А.А.Семеновдун библиографиялык көрсөткүчтөрүндө (1925) бе-

рилген.

Кыргыз орнаменттерин изилдөөгө С.М.Дудин, М.Андреев, М.Гаврилов, М.В.Рындин, Ф.А.Фиельструп, С.М.Абрамзон, ошондой эле С.М.Айтбаева, Е.И.Махова, П.И.Кушнер, К.И.Антипина ж.б. чоң салымдарын кошкон.

Кыргыз кол өнөрчүлүгү изилдөөчү А.Ф.Бурковскийдин эмгектеринде, М.Р.Рыскулбековдун макаласында берилген. А.Акматалиевдин кыргыздардын колдонмо-жасалга өнөрүнө арналган эмгеги жарык көргөн.

**Кыргыз орнаменттеринин негизи – реалисттик сүрөттөр.** Реалисттик искусство уруулук коомдо пайда болгон жана бул агым байыркы заманда скиф искусствосунда абдан ачык-айкын чагылдырылган.

Кыргыз орнаменти өзүнүн негизинде реалисттик болуп саналат. В.Чепелев кыргыз орнаменти реалдуу дүйнө жөнүндө конкреттүү түшүнүктү билдире алат деген. Аны А.Ромм колдогон (1941: 91). М.В.Рындиндин эмгектери кыргыз орнаменттеринин реалисттик башатын жана анын тарыхынын терең тамырын ачып берет. Кыргыз оюусу - образдуулукка жана декоративдүүлүккө ээ болгон реалдуу чындыктын ачык-айкын чагылуусу.

Алгачкы реалдуу сюжеттер жалпыланып, анын башкы жана типтүү белгилери алынып, бара-бара анын схематизациясы көбөйгөн. Жыйынтыгында, шарттуу белгилер келип чыккан. ***Бул орнаментация процесси реалдуу сюжеттердин жоголушу эмес, тескерисинче, экинчи даражадагы майда-барат нерселерди калтырып, негизги багыттарды сын көз менен ирген алган, башкалардан өзгөчөлөнгөн синтез болуп саналат.***

**Кыргыз орнаменттери ферганалык кыргыздарда.** А.Фелькерзам (1915: 19-21-22) XIX к. аягында XX к. башында Ферганадагы килем токуу “жалаң гана кыргыздардын, көбүнчө Ичкилик, Хидыр-Ша (Кадыр-Ша) жана Тир урууларынын колунда” экендигин белгилеген жана негизги борборлору катары аталган уруулар көчүп-конуп жүргөн Анжиян, Ош уезддерин атаган. Ал бул маалыматтарды А.Утямышевден (1902-жылы), Придановдон, Брандорфтон, С.М.Дудинден алган. Килемдеги оюулар төмөнкүдөй аталган: *Чигарчикь; Сигзальма; Эн; Жулдуз*; *Али-сур; Чайдаш* же *чайдуш*; “ *Юл* (ошондой эле lол, джол), *Тюятабан; Кочхарак; Игерь* (же *Аксур*); *Тахта* же *Такта* (“доска”); *Чуатма; Машит; Пчак* (же *Пшек*); *Тал-барки*; *Кашаган-Нусха; Машади; Сандык; Керекэ* – же *Харачэ-нуска*. С.М.Дудин (1915:22) кыргыздар оюуларда ар кандай *тоют болуучу жана дарылык касиети бар чөптөрдүн* формаларын колдонушкандыгын жана алар өздөрүнүн аталыштарын сактагандыгын маалымдаган. Приданов килемдерде ***байыркы орнаменттер*** активдүү колдонулгандыгын баса көрсөткөн.

**Чыгыш Түркстан кыргыздарынын килемдери.** А.Фелькерзамдын маалыматы боюнча Чыгыш Түркстанда, Ферганада, Кашгарда жана Хотанда жашаган кыргыздардын килемдери Орто Азияда эң мыкты деп эсептелген.

**Кыргыз оюуларынын баяндоочулук мүнөзү.** М.В.Рындин кыргыз оюуларынын “баяндоочулук” касиетин ачып берген. М.С.Андреев (1928: 14) кыргыз оюулары - сүрөт менен көп түрдүү-сюжеттик жазуунун ортосун-

дагы эң татаал баяндоо деген. Кыргыз оюуларынын баяндоочулук мүнөзү жөнүндөгү жобо толугу менен айрым мотивдердин жана орнаменттин элементтеринин жергиликтүү аттарына негизделген. С.В.Иванов (1958: 14) кайсы композиция болбосун өзүнүн курамына аттары бар ар кандай формадагы оюуларды камтырын айтып, ошол себептүү авторлор орнаментти *байланыштуу аңгеме, баяндоо катары* окууга болот деп эсептешерин белгилейт. Анын китебиндеги 48 баяндоонун мотивдеринин көпчүлүгүн *геометриялык оюулар,* аз бөлүгүн *зоо- жана антропоморфтор* түзөт.



М.В.Рындин жогорку сүрөттөгү баяндоону "*Тойго абдан жакшы такаланган аттарга минип коноктор келишти, аларга койдун эти тартылды жана алар варганда (музыкалык инструмент) ойношту*" (Киргизский национальный узор, 31-баяндоо.Караңыз: Иванов С.И., 1958,СЭ, № 2,16*)* деп окууну сунуш кылган.

Ал эми С.В.Иванов (1958:15): «…эки така, үч варган жана койдун эки кыр аркасынан турган баяндоону түз маанисинде эмес, каймана мааниде түшүнүү керек, баяндоонун айрым элементтери – сөздү алмаштырган бөлүктөр, бул учурда *кеп аттар, варганда ойногон адамдар жана койлор жөнүндө* болуп жатат" деп талдайт. Ал баяндоонун башка варианттарын да берет.

**Оюулардын эркин чечмелиниши тууралуу.** Кыргыз оюулары кандайдыр бир маанини, мазмунду камтып турат, бирок оюулардын сюжети эркин жана каалагандай чечмеленет. Анткени сөздүк жазуу нака жазуу деңгээлине өсүп жеткен эмес.

**Айрым геометриялык оюулардын туруктуулугу.** Айрым кыргыз оюулары туруктуу мүнөзгө ээ. Кээ бир геометриялык оюулардын дайыма эле бир маанини билдирерин С.В.Иванов белгилеген. Айрым геометриялык оюулар туруктуу болсо, оюулардын окулушу да негизинен туура болору шексиз, башкача болгондо аларды окуу кыйын болмок. М.В.Рындин (1943:145) кыргыз оюуларынын негизги элементтерин билүү – анын мазмунуна сүңгүп кирүүгө мүмкүндүк берет дейт.



Бул оюуну М.В.Рындин: "бермет менен мол коoздолгон боз үй" ("Киргизский национальныз узор", табл. IX, 19-баяндама) деп чечмелейт.

**Кыргыз оюулары.** А.Акматалиев (1989: 15-21) кыргыздардагы алгачкы оюуларын мал чарбачылыкка**,** мергенчиликке байланыштуу, өсүмдүк оюулары жана түрдүү сызыктардан турган турган оюмдар деп төрткө бөлөт.

Оюулардын ичинен "***мүйүз оюусу***" кыргыздарда абдан көп колдонулат. Анын түрлөрү көп, мисалы, "*сыңар мүйүз*" (жалгыз мүйүз), "*кош мүйүз*", "*кочкор мүйүз*" (чагарактата түшүрүлгөн кочкорлордун мүйүзү), "*бугу мүйүз*", "*элик мүйүз*" (бутактанып кеткен айры мүйүздөр), *аркар мүйүз*.

***Шырдакта*** "*кош мүйүз*" оюму көп колдонулат (1989: 20). Адатта төрт

бурчтуктун ичине төрт "*кош мүйүз*" *оюму* орун алат. "*Ит куйрук оюумунун*" учтары чагаракталат. ..."*Карга тырмак*" оюму төрт бурчтуктун ичине төрт курдай кайталанат. Ал эми "*кош кайкалак оюумунун*" асты-үстү бирдей түшөт. "*Кочкорек*", "*карга тырмак*", "*кош мүйүз*", "*сыңар мүйүз*" оюмдары менен ич ара так жана төп айкалыша алат.

***Ала кийиз оюуларында,*** дегеле кийиз оюмдарында "*каз аяк*" (каз таман) оюму, "*тогуз дөбө оюму*", "*чагармак"* кездешет. Анын жасалышы байыркы *жабыштырып жасоо* жана *таптап жасоо* техникасы менен, ал эми шырдактын техникасы – составдык элементтерин *кесүү* жана *аппликация* жолу менен – инкрустацияга жакын жасалат. А.Н.Бернштамдын маалыматы боюнча (1998, II: 636) сүрөттүн четин шнур менен жээктөө биздин замандын чегинде Ноин-улин комплексинин эстеликтеринен белгилүү.

***Килем оюуларында*** негизинен *геометриялык орнамент* колдонулат. Килем көбүнчө түштүк кыргыз Мангыт, Ичкилик ж.б. урууларында кездешет.

## Кыргыз оюуларындагы мотивдер

**Үч бурчтук, ромб, фестон, меандр оюулары**. ***Андронов маданиятында*** керамикадан жасалган буюмдардын формалары ар түрдүү, сапаты жакшы болгон, алар *үч бурчтуу, ромб, фестон, меандр* ж.б. *орнаменттер* менен коздолгон. Ромб оюуларынын башаты коло дооруна барат. Көчмөндөрдүн арасында кеңири тараган ромб "подсказан ромбическим просветом кереге – решетчатой основы кибитки"(А.Н.Бернштам, 1998: 647).

**Геометриялык орнамент.** ***Карасук маданиятында*** шар формасындагы түбү домпогой идиштердин жогору жагына ***геометриялык орнамент*** түшүрүлгөн.

**Айбанаттар мотивдери.** ***Тагар маданиятынын*** үч этабы: 1) б.з.ч. VII-V кк., 2) б.з.ч. V-III кк., 3) б.з.ч. II- I кк. белгиленип келет. Б.з.ч. VII-I кк. абдан көп жасалган колодон жасалган эмгек шаймандарына, курал-жарактарга, кийимдин айрым бөлүктөрүнө *жаныбарлардын сүрөттөрү* түшүрүлгөн. Миң-Суу жергеси "айбанаттар стили" искусствосунун байыркы түзүлүү борбору болуп эсептелген.

**Арка сымал жана эшилме сызык орнамент.** ***Таштык маданиятында*** (б.з.ч. I – б.з. V кк.) керамикадан жасалган буюмдарда мурун белгисиз ***арка сымал жана эшилме сызык орнаменттер*** болгон (Г.Сосновский, 1933: № 7-8).

**VI-VIII кылымдардагы орнаменттер.** Рун тексттеринде алтын жана күмүшкө чоң маани берилген жана адан жасалган буюмдарга орнаменттер, оюулар түшүрүлгөн. Буга Копён чаатасындагы табылгалар (Л.Евтюхова, С.Киселев,1940, № 3; С.Киселев, 1940: № 4) мисал боло алат.

**Өсүмдүк мотивдери.** Кыргыздар идиштерге, буюмдарга, ат жабдыктарына түшүргөн оюуларда өсүмдүк мотивдерин колдонушкан. С.В.Киселев (С.В Киселев, ВДИ,1940: № 4) ***Копён Чаатасынан*** бир чоң мүрзөнүн көмүскө жайынан ичине кумура түрүндөгү төрт алтын идиш салынган алтын

чуңкур идишти тапкан. Алардын экөө *өсүмдүктөр түспөлүндөгү ой-мо-чиймелер* менен кооздолгон.

Таш дөбөлүү көрүстөндөрдүн – чаатастардын казыналар катылган казанактарынан С.В.Киселев (1951: 570-572) жана Л.А.Евтюхова (1954: 216) алтын жалатылган табактарды табышкан, анын ичинде *өсүмдүк орнаменти* жана тири шумдуктуу жандыктардын турпаты чөгөрүлгөн идиштер болгон.

Копён казуулардан ***өсүмдүк оюулары түшүрүлгөн*** абдан көп тогоолор, ат жабдыктар, курлар табылган. Мисалы, № 2 дөбөнүн экинчи көмүскө жайынан (С.В.Киселев, 1951: 617) ат жабдыктарынын жасалгаларынын комплектиси - сапаты төмөн күмүштөн жасалган пластина түрүндөгү алты чоң жана беш кичине тогоолор *гүлдүн жалбырактары түрүндөгү согуу менен түшүрүлгөн ичке оюулар* менен кооздолгон.

Енисейде жогорудагыдай оюу-чийүүлөр VII-VIII кк. эле жаралган. Мисалы, Копён дөбөлөрүндөгү алтын курдун тогоосуна ***татаал тордомолуу жана түркүн түстөгү өсүмдүк оюулары*** салынган. Окумуштуулар бул тордомолуу оюуну изилдеп, анда кытай элементтери бар деп табышкан.

Мындай оюулар кийинки мезгилге чейин колдонулган. Хакастардын азыркы жүгөндөрүнүн жана ээрлеринин комплектисин изилдөө (1951: 618) – бүгүнкү күндө дагы тогоолорду коздоодо копён жасалгаларына окшош гүлдүн гравюраланган сүрөтү колдонулгандыгын көрсөткөн.

Адамдын тулкусу чөгөрүлүп, *өсүмдүк орнаменттери* менен асемделген ушундай көп сандаган буюмдар ***Тюхтят көрүстөн казынасынан*** (Л.А.Евтюхова, 1948: 71) табылган.

**Тордомолуу, тегерек, кабырчыктуу оюулар.** Жогоруда айтылгандай, ***Копён*** дөбөсүнөн табылган алтын курдун тогоосунда *татаал тордомолуу оюу* болгон. Копён табылгаларындагы *тордомолуу оюу* менен XIX к. Тянь-Шандагы Кочкордон табылган буюмдардагы оюулар параллель келет. Мисалы, Кочкордон табылган ат жабдыктын алтын жалатылган күмүш накладкасында ошондой эле стилистикалык ыкма менен жасалган ***тордомолуу оюу*** болгон.

Тордомолуу оюунун колдонулушу кыргыз-кытай байланыштарын көрсөтүп турат. VI-X кылымдарда Кытай жана Енисей кыргыздарыныкындай байланыш Сибирдин бир дагы башка жактарында болгон эмес.

VI-VIII кк. кыргыз Копён дөбөлөрүндөгү табылгалар байыркы тагарташтык доорундагы традиция менен байланыштуу болгон. № 6- жана № 7-дөбөнүн көмүскө жайынан *тордомолуу өсүмүк оюулары* бар колодон жасалган буюмдар табылган. № 2 көмүскө жайдагы (С.В.Киселев, 1951: 618) алтын табактын үстүңкү бети *абдан ичке оймолонуп жасалган орнамент* менен коздолгон. № 3 дөбөнүн биринчи көмүскө жайынан табылган (Л.Евтюхова, С.В.Киселев,1940: IV табл., Б сүрөт, V табл., 46-б., 48-б.) алтын кумуранын биринде ошондой эле, бирок андан да *татаалдантып оймолонуп жасалган* абдан бай орнамент болгон.

**Балаты орнаменти кыргыз вазаларында.** VI-VIII кк. кыргыз көрүстөндөрүнөн абдан көп табылган колго жасалган кыргыз вазалары таштык

маданиятына мүнөздүү белгилерди сактаган. Енисейлик “кыргыз вазаларынын” көпчүлүгү “*балаты” орнаменти* менен коолдолгон.

**IX-X кылымдарда орнаменттер.** Тюхтят казынасынан табылган (С.В.Киселев, 1951: 333) бир рече темир тогоолордо *геометриялык, нокоттуу, тегерек жана кабырчыктуу оюу-чийүү* чегилген.

IX-X кк. жаңы Тухтят, Сросткин жана Змиев жасалгаларынын жаратылышы кыргыздардыкы деп эсептелет.

**Кыргыз оюуларынын тематикасы. Кыргыз оюулары – «сүрөттөп көрсөтүүчү фольклор».** М.В.Рындин кыргыз оюуларын «сүрөттөп көрсөтүүчү фольклор» деп атаган (Советская Киргизия, 10.IV.1939).

М.Андреев кыргыз орнаменттеринин 29 элементин, М.Гаврилов 34 элементин таап чыгышкан. М.В.Рындин кыргыз оюу-чийүүлөрүнүн 154 негизги элементин берген жана аларды төрт негизги топко бөлгөн: **1)** *айбанаттар дүйнөсү* - 87; **2)** *өсүмдүктөр дүйнөсү* - 17; **3)** *жаратылыш* - 9; **4)** *турмуш-тиричилик* - 41. Бул ***негизги элементтер 3500дөн ашык комбинациялардан жана варианттардан турат***. «Кочкор мүйүзүнүн» бир эле мотиви - 224, бугунуку - 50, фазандын мотиви - 66 вариантта ж.б.

***Жаныбарлардын мотивдери*** орнаменталдык сюжеттин негизги массасын түзөт. Алардын арасындагы негизги реалисттик элементтер *төө, ит, ат, бугу, теке* болгон.

**Кыргыз орнаментиндеги баяндоонун багыттары.** Кыргыз оюуларындагы сюжеттик багыттар эки линияда өнүккөн.

1. Бул абдан көп сандагы *айлана-чөйрөнү констатациялаган* топ.

2. Саны жагынан азыраак, негизинен *архаикалык* сюжеттерди чагылдырган орнаменттер.

**Кыргыз оюуларынын тили. Оюу иероглификасы.** Кыргыз оюуларын А.Н.Бернштам “***орнаментальная иероглифика***” деп атаган. Кыргыз оюулары бирин-бири кайталабайт, асимметриалуу, анткени оюуда графикалык текст, баяндоо бар. А.Акматалиев: “*Көркөм оюм – бул бир учурдагы уюткулуу элибиздин жазуусу”* дейт. Кыргыз оюулары кыргыздардын жашоо-турмушу, маданияты, ишенимдери ж.б. жөнүндөгү жазма булак болуп эсептелет.

**Оюудагы баяндоонун эпикалуулугу.** Кыргыз оюулары камтыган сюжет “Манас” эпосу сыяктуу эле көлөмдүү. А.Н.Бернштам (1998, II, 639) айрым саймачылардын манасчы сыяктуу орнаменттин “эпикалык” текстин токушкандыгын айтып, кыргыз оюуларынын белгилүү 3500 үлгүсү – семантикалык көлөмү жагынан “Манас” эпосунун 500 миң сабынан кем калышпайт деген. Кыргыз оюулары кыргыздардын байыркы тарыхын ичине сыйдырган ***жазуу түрүндөгү дастан*** болуп эсептелет.

**Кыргыз оюуларында түстүн колдонулушу.** Кыргыз оюуларында негизги түстөрү - *көк, кызыл, ак, сары*. Көк –асманды, кызыл – отту, сары – чөлдү (чексиз сары кум) билдирет. Жашыл өздөштүрүлгөн оюуларда (мисалы, жылан) гана кездешет. Мындан тышкары *кара* түс да колдонулат.

**Оюунун музыкалуулугу.** В.Виноградов (1939, 22), В.Кривоносов (№6, 1939) кыргыз оюуларында графика жана түс бири-бирине шайкеш келип, бири-бирин толуктап, жыйынтыгында бир толук бүткөн сюжетти берип, силлабикалык ырга куюлушуп кетерин, ошондой эле кыска фразадай, бир аз татаал, так эле Манастын кыска саптарындай экендигин белгилешет. Орнаменттин музыкасы манасчынын, домбурачынын, ырчынын үнкатарына окшоп, кыска "оюу түзүмдөрүн" жаратып, эпостун музыкасына окшойт.

**Оюунун семантикасы.** Кыргыз оюуларынын семантикасы бай (А.Н.Бернштам (1998,642-643):

***Оюу - «тоо кочкорунун мүйүзү."*** Бул оюу спираль түзүлүшүндө жана эки же үч жолу кайталанган жарым айлана түрүндө болот.

***Оюу – "ак бугунун мүйүзү".*** Бул оюунун өзгөчөлүгү "тоо кочкорунун мүйүзү" оюусуна караганда татаалдыгында.

***Оюу – «бугу мүйүзү».*** Бул композиция "тоо кочкору мүйүзү" менен байланышта жана кыргыздардын байыркы аңчылык турмушунан кабар берет.

***Оюу - «эндүү мүйүздүү бугу».*** Бул - калак сымал мүйүздүү, абдан күчтүү, ири бугунун келбети түшүрүлгөн оюу. Мындай бугунун мүйүздөрүнүн ортосунда чоң эндүү кайрылышы жана четтеринде чоң калактары болот.

***Оюу – "үй мүйүз".*** Бул оюу "тоо кочкорунун мүйүзүнө" окшоп, эшилме сызык түрүндө болот, айырмачылыгы - кыскалыгында, "үй мүйүзүндө" жарым айлана кочкор мүйүзүнөн бир жарым эсе аз болот.

***Оюу – "така".*** Бул оюу түздөн-түз таканын көчүрмөсү эмес, анын тагы, изи. Өзгөчөлүгү - оюунун орто бөлүгүндөгү жукалык болуп эсептелет.

***Оюу – "жаңы ай".*** Оюунун негизги формасын композициялык кошулмалардан байкоого болот.

***Оюу – «бадам».*** Оюунун тегин изилдөө анын өсүмдүктөр дүйнөсүнөн эмес, жаныбарлар дүйнөсүнөн келип чыккандыгын көрсөткөн. Оюунун бөлүктөрү акырындык менен түшүрүлүп калган.

***Оюу – "кыргоол".*** Бул оюу кыргыздардын аңчылыгынан кабар берет.

***Оюу – "гүл".*** Оюуда жалбырактардын саны он бирге чейин жетет, ал "ай гүл" деген наам алат.

***Оюу – "бүркүт".*** Оюунун составдык бөлүктөрүнүн шарттуу белгилери бар болсо да, ага карабастан бир композицияга жуурулушуп, өз алдынчалыгын жоготуп, жалпы "бүркүт" деген атка биригип турат.

***"Умай" сүрөтү.*** Бул оюу абада жашоочу канаттуу кушка окшогон балдарды коргоочу мифтик аялдын элесин берет.

***Оюу – "шуру".*** Ал составдык бөлүктөрдөн жана анын композициясына кирген кошумча бөлүктөрдөн улам ушул атка ээ болгон.

***Боз үйдүн ар кандай бөлүктөрүнүн аттарынан турган оюулар.*** Боз үйдүн уук-керегелеринин жогорку жагындагы түндүк (тегерек жыгач алкак) "күн" оюусунан айырмаланат, анткени түндүктүн ортосунда крест түрүндөгү туташтырылган кошулма бар.

***Оюу – "кобул".*** Бул оюу боз үйдүн бөлүктөрүн чагылдырат.

***Оюу*** *-* ***"килем сүрөт"*** түз сызыктардын айкалышынан турат жана килемдеги, чийдеги негизги элементтерди ("*тоо кочкорунун башы*", "*кайталанма мүйүз*", "*бугу мүйүз*", "*бугу башы*") ж.б. камтыйт.

**4-бап. Фонография. Нака жазуу: 1) Жазуунун аралаш системасы: а) вокалдык-тамгалык, б) консонанттык-тамгалык, в) муундук-тамгалык; 2) тамгалык-тыбыштык жазуу)**

**Жазуунун өнүгүшү. Фонографиялык жазуу.** Байыркы семасиография бара-бара фонографиялык жазууга өсүп жеткен. Фонографиялык жазуу колдонууга ыңгайлуу болгон.

***Алфавиттик система.*** Сөздүк (логографиялык) жазуудан кийин муундук жазуу болгон. Муундук жазуудан кийин жазуунун жаңы түрү – алфавиттик система пайда болду. Д.Дирингер ( 1963: 236) чыныгы алфавитте ар бир белги бирден гана тыбышты билдирерин жана ар бир тыбыш бир гана туруктуу белги менен берилерин белгилейт.

**Жазуунун түрк тилдеринде өнүгүшү.** К.Сарткожаулы (2012:103) жазуулардын пиктографиядан башталып, андан соң логограммалар, морфемограммалар, силлабограммалар, консонанттык-тыбыштык, үндүү тыбыштар жана алар менен катар ортодогу формалар өнүгөт, бирок жазуунун өнүгүшүндө байыркы *түрк рун жазуусу морфемограммадан аттап өтүп, фонограмма мезгилине чейин* жеткен дейт. С.Сыдыков (2011: 240) байыркы түрк алфавити *морфонологиялык принципте* түзүлгөндүгүн, Н.Усеев (2011: 16) байыркы түрк жазуусу *аралаш системага ээ* экендигин белгилейт. Биз кыргыз фонографиялык жазуусу аралаш системага ээ деп эсептейбиз.

**Жазуунун аралаш системасы**. Биз кыргыз фонологиялык жазуусун төмөнкүдөй топторго бөлөбүз: Жазуунун аралаш системасы: 1) вокалдык-тамгалык, 2) консонанттык-тамгалык, 3) муундук-тамгалык.

**Орхон-енисей алфавити.** К.Дыйканов (1958: 16) орхон-енисей алфавити байыркы түрк тилинин фонетикалык өзгөчөлүктөрүнө ылайыкталып түзүлгөндүгүн, К.Ашыралиев (1963:11) орхон-енисей алфавитиндеги 35 тамга, төрт үндүү сегиз үндүү фонеманы, ал эми 23 үнсүз тамга азыркы убактагы 16 үнсүз фонеманы билдирерин, С.Сыдыков (2001: 147) сөздөрдө үнсүз жумшак же каткалаң тамгалардын варианттарынын жазылышы түрк тилдеринин үндөшүү законуна ылайыкталгандыгын, Усеев (2011:17) Орхон жазма эстелигиндеги вариантта 38 тамга , алардын ичинен 4 - үндүү тыбыштарды, 27 тамга үнсүз тыбыштарды билдирерин маалымдашат.

**1) Орхон-енисей жазуусундагы вокалдык-тамгалык система**

Енисей жазууларында орхон жазуусуна караганда үндүүлөр үнсүздөргө караганда сейрек жазылат. В. М.Насилов (1960: 11) вокализмде а/э, ы/и, о/ө, у/ү – жуптар болгондугун, е фонема маселеси ачык боюнча калгандыгын,

И.А.Батманов (1960: 11) үндүүлөрдү (*а, э, о, ө, ы, и, у, ү*) берүү үчүн болгону беш тамга - А, Э, Ы, У, Ү кызмат кылгандыгын белгилешет.

8 үндүү тыбышты белгилөө үчүн 5 гана тамга алынган, алар каткалаң

жана жумшак үнсүздөрдүн жазылышына карай үндөштүк закон ченеминде жоон жана ичке болуп окулуп, 8 үндүү тыбышты билдирген. Орхон-енисей жазуусундагы 8 үндүү тыбыш азыркы кыргыз тилиндегидей эле жасалуу ордуна жана тилдин абалына жараша: эриндүү, ачык, кең, кууш, жоон, ичке болуп бөлүнгөн. Сөздөрдүн туура окулушу үнсүз тыбыштардын каткалаң жана жумшак түгөйлөрүнө көз каранды. Мисалы, С.Сыдыков (2011: 241,243-244) мындай мисалдарды келтирет: КьЛь – к(е)л – КЛ – к(а)л, КьЛьНь – к(е)л(и)н, КьЫЛ – кыл, КьУЛь – к(е)л, КМШ – к(а)м(ы)ш.

Орхон-енисей эстеликтеринде биринчи муундагы үндүү тыбыштардын мүнөзүнө жараша көп муундуу сөздөрдө жоон-ичке, кең-кууш болуп өзгөрүүлөрү муун сингармонизмине негизделген.

”Орхон-Енисей тексттеринде” (18-20) үндүү тыбыштардын сөз башында, сөз ортосунда, сөз аягында келген учурлары берилген.

Кыргыз тилинде жана эстеликтерде биринчи муундагы үндүү тыбыштар кийинки муундагы үндүү тыбыштарга караганда туруктуу, кийинки муундагы үндүүлөр биринчи муундагы үндүүлөр менен таңдай, эринге карай үндөшүп, сингармонизм законуна ылайык келет. Мындай көрүнүштөр Енисей, Талас эстеликтеринде мүнөздүү.

Орхон-енисей жазууларында созулма үндүүлөр графикалык жактан белгиленген эмес (И.А.Батманов, 1962: 57), бирок айрым окумуштуулар аталган эстеликтерде созулма үндүүлөр болушу мүмкүн деп божомолдошот.

С.Сыдыков (2011: 242) эстеликтердеги үндүү тыбыштар чынында эле эки баскычта: кыска жана созулма (баштапкы жана кийинки үндүүлөр) болот дейт. Биринчи баскычтагы үндүүлөр графикалык жактан эстеликтерде белгиленсе, экинчи баскычтагы үндүүлөр белгиленген эмес.

**2) Орхон-енисей жазуусундагы консонанттык-тамгалык система**

Консонант – тыбыштык система. Мында жазуу формалары үнсүз тыбыштарды билдирет. Кыргыз говорлорунун консонантизм системасы өзүнө таандык өзгөчөлүктөргө ээ. Б.Юнусалиев (1971: 121) консонантизм системасындагы каткалаң жана жумшак болуп айырмаланыштын натыйжасында бардык кыргыз говорлоруна мүнөздүү үнсүздөрдүн ээрчишүү закону пайда болгон дейт. Бул закон боюнча сөздүн аягындагы үнсүздүн акустикалык мүнөзүнө мүчөнүн башындагы үнсүз толук баш иет.

Орхон-Енисей эстеликтеринде 16 үнсүз тыбыш бар: б, г, д, з, й, к, л, м, н, ң, п, р, с, т, ч, ш, алардын каткалаң жана жумшак варианттары төмөнкүлөр: б – бь, г – гь, д – дь, й – йь, к – кь, л – ль, н – нь, р – рь, с – сь, т – ть.

И.А.Батманов (1962: 62) эстеликтерде в, х, ф, һ, ж (дж), ц кездешпейт, “З, Н, Ң, П, Ч, Ш комбинатордук варианттары берилген эмес” дейт. Сөздүн башында *б, м, н, с, т, ч, ш, й, к* колдонулат. Енисей эстеликтеринде *г, д, л, р, п* менен башталган сөздөр жок. Сөздүн аягында эстеликтин тилинде бардык үнсүздөр колдонулат, анын ичинде *б, д, г* тамгалары да бар.

К.Ашыралиевдин маалыматы боюнча орхон-енисей жазууларында сөздүн башында г, д, з, л, п, р тыбыштары кездешпейт, сөздүн аягында үнсүз

тыбыштардын бардыгы учурайт.

Енисей жазуусунда орхон жазуусуна караганда үндүүлөр үнсүздөргө караганда сейрек жазыларын айтышат, И.А.Батманов, З.Б.Арагачи, Г.Ф.Бабушкин (1962: 23) бирок тигил жана бул учурда тең жазуу консонанттык мүнөзүн сактаган (КДШ деп жазылып, “кадаш – товарищ, друг” деп окушкан, БЗ – деп жазылган, «биз – мы» деп окулган ж.б.дешет.

Сөздөрдө б – п, б – м, б – в, д – т, к – г, ш – с, ч – т, ч – й, н – ң тыбыштарынын алмашып келүүлөрү байкалат. Мисалы, Могилянга арналган эстеликте “*мен*” деген 1-жактагы жактама ат атооч “*бен*” түрүндө *м – б* тыбыштарынын сөз башында алмашуусу менен да жолугат.

Сөз аягында үнсүздөрдүн катар келүүсү: лк, лп, лт, нч, рч, рк, рс, рт, ит, сөз башында й тыбышынын түшүп айтылуусу кездешет: ыгач - йыгач (жыгач), ыгла – йыгла (ыйла). Ошондой эле этиштик атоочтордо аяккы үнсүз тыбышынын түшүп жазыган учурлары байкалат: капуг – капы (капка, дабаза, каалга); тарлаг – тарла (аңыз, айдоо жер) (2011: 264) ж. б.

**3) Орхон-енисей жазуусундагы муундук-тамгалык система** Байыркы түрк жазуусундагы тамгалардын бир бөлүгү тыбыштарды эмес, муундарды билдирет. Мисалы, Н., Усеев (2011: 28-31) тамгасы **дем** жана **дим** муундарын чагылдырарын, бул көрүнүштү муундук жазуунун белгиси катары кароо керектигин, айрым окумуштуулар муундук тамгалардын таасиринде байыркы түрк жазуусун силлабикалык-фонетикалык жазуу катары эсептешкендигин маалымдайт. Окумуштуу орхон-енисей жазуусундагы төмөнкүдөй муундук тамгаларды белгилейт:

1) **ок, ук, ко, ку** муундарын билдирген тамгасы; 2) **өк, үк, кө, кү** муундарын билдирген тамгасы; 3) **ык, кы** муундарын билдирген тамгасы; 4) **ич, чи** муундарын билдирген тамгасы; 5) **аш** муунун билдирген тамгасы; 6) **дим, дем** муундарын билдирген тамгасы; 7) **лык** муунун билдирген тамгасы; 8) **им, ми** муундарын билдирген тамгасы; 9) **оп, уп** муундарын билдирген тамгасы; 10) **ыш** жана **ш** тыбышын чагылдырган тамгасы; 11) **шым** муунун билдирген тамгасы.

Орхон-енисей жазма эстеликтериндеги муундардын түзүлүшү, негизинен, азыркы кыргыз тилиндегидей. К.Ашыралиев (1963: 15) анын белгилүү касиеттеринин бири сөздөгү муундарда үндөштүк закондору сакталгандыгында дейт.

Орхон-енисей эстеликтеринде биринчи муундагы үндүү тыбыштардын мүнөзүнө жараша көп муундуу сөздөрдө жоон-ичке, кең-кууш болуп өзгөрүүлөрү муун сингармонизмине негизделген.

**4) Орхон-енисей жазуусундагы үнсүз ширешмелерин билдирген тамгалар**

Эки үнсүздү билдирген айкалышкан үнсүздөр бар:

*нт,*
*лт,*
*нч* (Насилов В.М., 1960: 11).

«Көктүрк жазуусундагы 3 тамга (𐰡 (лт), 𐰨 (нч), эки үнсүз ширешмесин билдирет”( С.Усеев, 2011: 31).

**Енисей, орхон жазуулары тууралуу**

**Алгачкы енисей тексттери V к. таандык.** С.Е.Малов (1953: 7-8) енисейлик тексттерди V кылымга таандык деген. И.А.Батманов, З.Б.Арагачи, Г.Ф.Бабушкин ж.б. окумуштуулар енисейлик эстеликтердин орхон эстеликтерине караганда мезгили боюнча мурунку экендигин белгилешет.

**Энисей эстеликтериндеги жазуулар - Енисейде жашаган байыркы кыргыздардыкы.** Енисей жазма эстеликтери ошол жерде жашаган кыргыздарга тиешелүү болгон (В.В.Радлов, В.Томсен, С.Е.Малов). В.В.Радлов тарыхый маалыматтар боюнча Енисейде кыргыздар жашагандыктан, жазуулардын көп бөлүгү кыргыздарга таандык деген.

С.Е.Малов (1952: 4) зор авторитеттер акад. В.В.Радлов жана проф. В.Томсенден кийин мен бул енисей эстеликтерин кыргыздардыкы эмес деп айтууга эч бир негизим жок деген. Мындай пикирди Э.Р.Тенишев, И.В.Кормушин, А.В.Ержиласун, С.Г.Кляшторный, Д.Д.Васильев, Ч.Жумагулов ж.б. колдошот.

**Енисей жазуулары - орхон жазууларынан байыркы.** П.М.Мелиоранский (1899:47) енисей жазууларынын формасынын мүнөзү орхондукуна караганда абдан архаикалык экендигин, В.В.Бартольд (1996:200), И.А.Батманов (2004:32) енисей эстеликтериндеги тамгалардын мүнөзү орхондукуна караганда байыркы экендигин айтышкан. А.Абдыразаков да ушундай пикирде. Енисей жазуусу - Орхон жазуусуна караганда мезгили боюнча байыркы.

**Енисей, орхон жазууларынын бири-биринен айырмачылыгы.** Енисейлик белгилердин базасында кыргыздардын, тувалыктардын, шорлордун, хакастардын ж.б. тилдери, ал эми орхондук эстеликтердин тилинин негизинде түркмөн, азербайжан тилдери өнүккөн.

**Талас өрөөнүндөгү эстеликтер, алардын Енисей жазууларына окшоштугу.** С.Е.Малов (1959: 58) Талас эстеликтериндеги жазуулар мазмуну жана тамгаларынын мүнөзү боюнча Енисей бассейниндеги мүрзө үстүндөгү жазууларды эске саларын айткан. Аталган эстеликтер графикалык жактан бири-бирине өтө жакын экендигин В.В.Бартольд, П.М.Мелиоранский белгилешкен, муну С.В.Киселев да ырастаган. А.Н.Бернштам, И.А.Батманов, З.Б.Арагачи, Г.Ф.Бабушкин, К.Ашыралиев, С.Сыдыков да ушундай пикирди айтышкан. Биз жогорудагы пикирлерди колдоо менен Енисейдеги жана Таластагы жазуулардын табияты бир деп эсептейбиз.

**Талас жазуулары V кылымга таандык.** Талас эстеликтериндеги жазуулар V кылымга таандык. С.Е.Малов (1959:63) археологдор Г.Гейкелдин жана Г.Ретциустун Таластагы көрүстөндөн табылган предметтер V кылымга таандык деген пикирлерине таянып, мен ал датаны четке кагууга эч бир себеп жок деп эсептейм деген. Бул ойду акад. И.А.Батманов да кубаттаган. А.Аманжолов шарттуу түрдө аларды V-VIII кк. таандык деп эсептөөгө болот

дейт. Биз талас жазууларын V кылымга таандык деген пикири колдойбуз.

**Таластан табылган жыгач таякча - V к. таандык.** 1932-жылы Таластагы Ачык-Таш деген жерден рун жазуулары бар таякча табылган. С.Е.Малов (1959: 74) Г.Гейкел жана Ретциустун бейиттеги рун жазуулары бар буюмдар V кылымга таандык деген пикирине таянып, карагайдын бутагынан жасалган бул жол көрсөтүүчү таякчаны V кылымга таандык деген.

**Рун жазуулары Кыргызстандын башка аймактарында.** Таштагы, моneталардагы жана майда предметтердеги енисей тибиндеги жазуулар Ысык-Көлдөн (Кой-Сары), Нарындагы Кочкор районуна караштуу Сүттүү-Булак кыштоосунун жака белинен табылган эстеликтерде, ошондой эле Баткенден, Чүйдөн (монеталар), Ферганадан жана Согдадан (кол жазма) табылган. 2011-жылга чейин Кыргызстанда катталган эстеликтердин саны 26га жеткен. Жазуулар тоголок кой таштардын, асканын беттерине чегилген.

**Венгриядан табылган буюмдардагы рун жазуулары менен Талас жазууларынын окшоштугу.** 1799-жылы Венгрияда Ыйык Николай кыштагында рун жазуулары бар "алтын идиштердин казынасы" табылган. Андагы жазуулар белгилүү бир деңгээлде Талас жазууларына окшош болгон (С.Е.Малов (1951, 13). Венгриянын Дуна-Тистеги авар көрүстөнүнөн (Эрдейн Иштван, 1961: 59-61) енисей кол жазмасы менен жазылган ийне салгыч кутуча табылган.

**Эстеликтердеги жазуулардын ортосундагы тектештик жана байланыш.** Эстеликтердеги жазуулар уруулардын ортосундагы тектештикти жана узак мезгилге созулган байланышты көрсөтүп турат. Мындай тектештик жана байланыш, биринчиден, Енисейдин жогорку агымындагы (Түштүк Сибирь); экинчиден Селенга дарыясы жана Орхондун куймасындагы (Монголия) өрөөндөрдө; үчүнчүдөн Талас (Кыргызстан) өрөөнүндө жашаган уруулардын ортосунда болгон. **Мунун өзү Енисейдеги, Орхондогу, Таластагы эстеликтер бири-бири менен тыгыз байланышта изилденүүгө тийиш экендигин айтып турат.** Бул тизмеге Венгриядан табылган жазууларды да киргизүүгө болот.

## КОРУТУНДУ

Изилдөөнүн негизинде төмөнкүдөй мазмундагы **натыйжалар** жана **тыянактар** чыгарылды.

1. Эмгекте байыркы замандан биздин замандын X кылымына чейин кыргыздар колдонгон жазуулар ырааттуу, системалуу талдоого алынды жана тиешелүү классификацияга бөлүштүрүлдү;

2. Сүрөттүк (пиктографиялык) жазуу, идентификациялык-мнемоникалык ыкмадагы эн тамгалар, сөздүк (логографиялык) жазуу кыргыз тил илиминде биринчи жолу семасиографиялык системага кирген байыркы жазуулар катары аныктамага ээ болду;

3. Байыркы жазуулардын ар биринин табияты, коммуникативдик кызматы, колдонулган доорлору, таралуу ареалы, камтыган маанилери айкын-

далды;

4. Байыркы кыргыз жазууларынын - сүрөттүк жазуудан баштап тыбыштык - тамгалык жазууга чейинки эволюциялык өнүгүшү көчмөн доорлор жана маданият эстеликтери менен тыгыз байланышта сыпатталды;

5. Кыргыз пиктографиясындагы "айбанаттар стили", кыргыздар ыйык деп эсептеген тотемдер талданды жана байыркы кыргыз сүрөттүк жазуусунун хакастарда, тывалыктарда традициялык түрдө муундан муунга берилип, сакталып келаткандыгы көрсөтүлдү;

6. Байыркы кыргыз эн тамгаларынын коммуникативдик кызматы, семантикасы, муундан муунга мураска берилиш традициясы анализге алынды;

7. Кыргыз эн тамгаларынын орхон-енисей алфавитине негиз болуп бергендиги тастыкталды;

8. Схемалашуу, стилизациялануу процесстерин башынан өткөрүп, шарттуу белгилерге айланган сөздүк (логографиялык) жазуунун орнаменттерде, оюуларда берилиши, өнүгүү эволюциясы сыпатталды;

9. Орнаменттердин семантикасы талданды, архаикалык мотивдердин кийинки маданият эстеликтериндеги орнаменттерде - хакас, тыва жана кыргыз орнаменттеринде сакталгандыгы айкындалды;

10. Кыргыздардын фонографиялык системага кирген аралаш жазууну колдонушкандыгы аныкталды, топторго бөлүштүрүлдү жана мүнөздөлдү;

12. Енисей жазуусунун енисейлик кыргыздардыкы экендиги, енисей жазуусунун V кылымга таандыктыгы жана анын орхон жазуусунан байыркылыгы, кыргыз эн тамгаларынын орхон-енисей жазууларынын негизин түзгөндүгү тастыкталды;

13.Талас жазуусунун V кылымга таандыктыгы, енисей, талас жазууларынын графикасынын жана мазмунунун окшоштугу белгиленди.

## Тыянактар:

1. Кыргыздар байыркы замандардан биздин замандын X кылымына чейин семасиографиялык системага кирген сүрөттүк (пиктографиялык) жазууну, эн тамгаларды, сөздүк жазууну, фонография системасына кирген аралаш жазууну колдонушкан.

2. Кыргыздар колдонгон жазуулар коммуникация каражаты катары практикалык муктаждыктан улам келип чыккан;

3. Кыргыздардын байыркы сүрөттүк (пиктографиялык) жазуусундагы күч-берүүчү, сактоочу, магиялык-коргоочу кызматты аткарган тотемдер, "айбанаттар стилинин" мотивдери кыргыздардын жашоо-турмушун, ишенимдерин, көз караштарын билдирген жазма булак болуп саналат;

4. Хакас-Миң-Суудагы "асман алдындагы музей" аталган пиктографиялык жазуулар кыргыздарга таандык;

5. Мал чарбачылыгына байланыштуу келип чыккан кыргыз урук, уруу, жеке менчик белгилери муундан-муунга мураска берилген жана байыркы жалпы кыргыз эн тамгасынын параллелдери хакас, тыва, башкырлардын курамдарындагы "кыргыз" деп аталган уруулардын эн тамгалары менен толук дал келет;

6. Кыргыз эн тамгалары орхон-енисей алфавитинин негизин түзгөн;

7. Сүрөттүк жазуу стилизация, схемалануу процесстерин башынан өткөргөн, натыйжада шарттуу белгилер, символдор - сөздүк (логографиялык) жазуу келип чыккан жана алар орнаменттерде, оюуларда берилген;

8. Кыргыздардын сөздүк (логографиялык) жазуусу көчмөндөрдүн тарыхый катмарлары менен тыгыз байланышта өнүккөн жана хакас, тыва орнаменттеринде байыркы мотивдер терең орун алган;

9. Ички, тышкы булактар менен байыган орнаменттер байыркы кыргыздардын жашоосу жөнүндөгү тарыхый жазма булак болуп эсептелет;

10. Кыргыздар сөздүк жазуудан кийин фонографиянын аралаш системасын (вокалдык-тамгалык, консонанттык-тамгалык жана муундук-тамгалык) колдонушкан;

11. Енисей жазуусунун алгачкы мезгили - V кылымга таандык, ал - енисей кыргыздарынын жазуусу жана орхон жазууларынан байыркы болуп эсептелет;

12. Талас жазуулары V кылымга таандык жана камтыган мазмуну, графикасы енисей жазууларына окшош.

**К.Т.Джаманкулованын диссертациялык ишинин темасына байланыштуу жарыяланган илимий эмгектеринин тизмеси**

**а) Монография**

1. Джаманкулова К.Т. Кыргыздардын жана кыргыз жазуусунун тарыхы [Текст] / К.Т.Джаманкулова. - Бишкек, 2014, I том - 452 б, II том – 370 б.

2. Джаманкулова К.Т. Байыркы кыргыз тили [Текст] / К.Т.Джаманкулова. - Бишкек, 2016, 650 б.

3. Джаманкулова К.Т. Махмуд Кашкаринин “Диваны” жана баяндоочтун трансформацияланган формалары [Текст] / К.Т.Джаманкулова. – Бишкек, 2011, 265 б.

**б) Илимий макалалар**

4. Джаманкулова К.Т. Махмуд Кашкаринин “Диванындагы” субстантивдик элемент [Текст] / К.Т.Джаманкулова - Жыйнак: “М.Кашгари жана кыргыз маданияты”. КР УИА. - Бишкек, 2011, 160-165-бб.

5. Джаманкулова К.Т. Жөнөкөй сүйлөмдөгү этиштик баяндоочтун чак формасы (Учур келер чактын –ар//-ер формасы Махмуд Кашкаринин “Диванында жана кыргыз тилинде. [Текст] / К.Т.Джаманкулова - Жыйнак: “М.Кашгари жана кыргыз маданияты”. КР УИА. - Бишкек, 2011, 45-61-бб.

6. Джаманкулова К.Т. Жөнөкөй сүйлөмдөгү этиштик баяндоочтун чак формасы (Учур келер чактын -а//-ы формасы “Диванда жана кыргыз тилинде” [Текст] / К.Т.Джаманкулова // Жыйнак: “М.Кашгари жана кыргыз маданияты”. КР УИА. – Бишкек, 2011, 45-61-бб.

7. Джаманкулова К.Т. Байыркы кыргыз жазуусу түрк жазма эстеликтеринде [Текст] / К.Т.Джаманкулова // КР УИА, Тил, адабият жана искусство маселелери. – 2013, 115-119-б.

8. Джаманкулова К.Т. Байыркы кыргыз жазуулары Енисей эстеликте-

ринде [Текст] / К.Т.Джаманкулова // КР УИА, Тил, адабият жана искусство маселелери – 2013, 160-64-б.

9. Джаманкулова К.Т. Кыргыздардын жазма тили – орхон-енисей тексттеринде [Текст] / К.Т.Джаманкулова // КР УИАнын КАБАРЛАРЫ. –1913, 96-99-б.

10. Джаманкулова К.Т. Талас – хунн доорунда [Текст] / К.Т.Джаманкулова // Талас журналы: Талас өрөөнүнүн тарыхын жана адабий мурастарын изилдөө маселелери. – 2014, 103-106-б.

11. Джаманкулова К.Т. Кыргыз рун жазуусу Талас эстеликтеринде [Текст] / К.Т.Джаманкулова // Талас журналы: Талас өрөөнүнүн тарыхын жана адабий мурастарын изилдөө маселелери. - 2014, 192-199-б.

12. Джаманкулова К.Т. Кыргыз оюуларынын семантикасы. Оюунун түрлөрү [Текст] / К.Т.Джаманкулова // БГУ жарчысы. – 2014, 3-5-б.

13. Джаманкулова К.Т. Кыргыз оюуларынын тили.Оюу иероглификасы [Текст] / К.Т.Джаманкулова // БГУ жарчысы. - 2014, 49-51-б.

14. Джаманкулова К.Т. Енисей-кыргыз жазуулары жана тамгага чейинки белгилер же эн тамгалары [Текст] / К.Т.Джаманкулова // Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. - 2014,124-125-б.

15. Джаманкулова К.Т. Енисей жазуулары жана азыркы кыргыз тили [Текст] / К.Т.Джаманкулова // Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – Бишкек, 2014, 125-127-б.

16. Джаманкулова К.Т. Рун жазуулары жана анын изилдениши [Текст] / К.Т.Джаманкулова // И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – 2014, 54-58-б.

17. Джаманкулова К.Т. Байыркы рун жазууларынын табияты [Текст] / К.Т.Джаманкулова // И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. – 2014, 58-61-б.

18. Джаманкулова К.Т. Кыргыз рун жазуулары Талас эстеликтеринде [Текст] / К.Т.Джаманкулова // КР УИАнын КАБАРЛАРЫ. –2014, 67-70-б.

19. Джаманкулова К.Т. Байыркы кыргыз элдик сүйлөшүү тили [Текст] / К.Т.Джаманкулова // КР УИА, Адабият жана искусство маселелери. – 2014, 1-3-б.

20. Джаманкулова К.Т. Графема, тамга, фонемалардын ара катышы [Текст] / К.Т.Джаманкулова // IV Эл аралык илимий практикалык конференциянын материалдары. Вестник КГУСТА. - 2015, 102-105- бб.

21. Джаманкулова К.Т. Жазуунун системалары Текст] / К.Т.Джаманкулова // IV Эл аралык илимий практикалык конференциянын материалдары. Вестник КГУСТА. – 2015, 98-102-б.

22. Джаманкулова К.Т. Байыркы кыргыз элдик сүйлөшүү тилине лобнор тилинин катышы [Текст] / К.Т.Джаманкулова // Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. - Чымкент, 2015, 73-77-б.

23. Джаманкулова К.Т. Б.М.Юнусалиев кыргыз тилинин тарыхый өнүгүшү тууралуу [Текст] / К.Т.Джаманкулова // Эл аралык илимий-

практикалык конференциянын материалдары. - Чымкент, 2015, 513-516-б.

24. Джаманкулова К.Т. Логографиялык жазуу [Текст] / К.Т.Джаманкулова // Эл аралык илимий-практикалык конференция. Известия Чүй ун-ти. – 2015, 33-35-б.

25. Джаманкулова К.Т. Байыркы кыргыз эн тамгалары жана алардын семантикасы [Текст] / К.Т.Джаманкулова // БГУ Жарчысы. - 2015, 8-10-б.

26. Джаманкулова К.Т. Пиктографиялык жазуу байыркы миң-суулук кыргыздарда [Текст] / К.Т.Джаманкулова // БГУ Жарчысы. – 2015, 12-14-б.

27. Джаманкулова К.Т. Пиктографиялык жазуунун башкы булагы – эң байыркы искусство [Текст] / К.Т.Джаманкулова // Вестник Хабаршы. - Алматы, 2015, 62-65-б.

28. Джаманкулова К.Т. Кыргыз эн тамгалары орхон-енисей жазуусунун негизи [Текст] / К.Т.Джаманкулова // Вестник Хабаршы. - Алматы, 2015, 65-68-б.

29. Джаманкулова К.Т. Кыргыз жазуулары кыргыз окумуштууларынын эмгектеринде [Текст] / К.Т.Джаманкулова // БГУ жарчысы. – 2015, 69-70-б.

30. Джаманкулова К.Т. Тотемизм байыркы кыргыз жазма эстеликтеринде [Текст] / К.Т.Джаманкулова // БГУ жарчысы. - 2015, 65-67-б.

31. Джаманкулова К.Т. Енисей жазуулары тууралуу [Текст] / К.Т.Джаманкулова // КР УИА КАБАРЛАРЫ. – 2015, 74-79-б.

32. Джаманкулова К.Т. Пиктографиялык жазуу Кыргызстандын түштүгүндө [Текст] / К.Т.Джаманкулова // Ош мамлекеттик ун-тинин Жарчысы. - 2015, 108-111-б.

33. Джаманкулова К.Т. Кыргыздар колдонгон эн тамгалар [Текст]/ К.Т.Джаманкулова // И.Арабаев атындагы КМУнын Жарчысы.–2015, 93-95-б.

34. Джаманкулова К.Т. Эн тамгалардын кызматы [Текст]/ К.Т.Джаманкулова // И.Арабаев атындагы КМУнын Жарчысы.–2015, 95-97-б.

35. Джаманкулова К.Т. Кыргыз тилинин тарыхы Б.Юнусалиевдин эмгектеринде [Текст] / К.Т.Джаманкулова // Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. – Бишкек, 2015, 178-182-б.

36. Джаманкулова К.Т. Талас жергесиндеги пиктографиялык жазуулар [Текст] / К.Т.Джаманкулова // Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. – Бишкек, 2015, 163-167-б.

37. Джаманкулова К.Т. Тамга теориясы окумуштуулардын эмгектеринде [Текст] / К.Т.Джаманкулова // Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. – Бишкек, 2015, 299-302-б.

38. Джаманкулова К.Т. Орнаменттин өнүгүү эволюциясы [Текст] / К.Т.Джаманкулова // БГУ Жарчысы. – 2015, 316-318-б.

39. Джаманкулова К.Т. Пиктографиялык жазуунун башкы булагы – эң байыркы искусство [Текст] / К.Т.Джаманкулова // Вестник Хабаршы. – Алматы, 2016, 62 БГУ Жарчысы. 62-65-б.

40. Джаманкулова К.Т. Кыргыз эн тамгалары – орхон-енисей жазуунун негизи [Текст] / К.Т.Джаманкулова // Вестник Хабаршы. – Алматы, 65-69-б.

Джаманкулова Кульжамал Тологоновнанын «Кыргыз жазууларынын тарыхый өнүгүшү (байыркы замандардан биздин замандын X кылымына чейин)” деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын


## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** жазма эстеликтер, графика, грамматология, семасиография, сүрөттүк (пиктографиялык) жазуу, эн тамгалар, сөздүк (логографиялык) жазуу, “айбанаттар стили”, мүйүз мотивдери, орнамент, оюу, фонография, енисей жазуусу, орхон-енисей жазуусу, талас жазуусу.

**Изилдөөнүн объектиси** – байыркы замандардан биздин замандын X кылымына чейинки кыргыз жазуулары.

**Изилдөөнүн предмети** – байыркы кыргыздар колдонгон жазуунун түрлөрү, аткарган функциясы, семантикалык табияты, өнүгүү эволюциясы, колдонулган доорлору.

**Изилдөөнүн максаты** - байыркы замандардан баштап биздин замандын X кылымына чейинки кыргыздар колдонгон жазма булактарды иликтөө, аларды жазуу катары аныктоо, классификациялоо, колдонулуш доорлорун тактоо, аткарган кызматын, камтыган маанилерин ачып берүү.

**Изилдөөнүн методдору** – илимий ишти жазууда эмпириялык-теориялык, диахрондук, синхрондук методдор, анализ жана синтез, индуктивдүү жана дедуктивдүү методдор колдонулду.

**Илимий изилдөөнүн жаңылыгы** – 1) байыркы замандардан баштап биздин замандын X кылымына чейин кыргыздар колдонгон жазуулар иликтенип, классификацияга бөлүндү; 2) сүрөттүк (пиктографиялык) жазуунун, эн тамгалардын, сөздүк жазуунун аткарган кызматы, камтыган маанилери аныкталды, колдонулуш доорлору такталды; 3) байыркы кыргыз эн тамгаларынын орхон-енисей алфавитинин негизин түзгөндүгү тастыкталды; 5) сөздүк жазуунун эволюциялык өнүгүү процесси көрсөтүлдү; 6) кыргыздар колдонгон фонографиялык жазуунун аралаш системасы (вокалдык-тамгалык, консонанттык-тамгалык жана муундук-тамгалык) мүнөздөлдү; 7) енисей жазууларынын енисей кыргыздарыныкы экендиги жана орхон жазууларынан алгачкылыгы (V к.), талас жазуусу енисей жазуусу менен мезгилдеш (V к.), мазмуну жана графикасы окшош экендиги аныкталды.

**Илимий иштин теориялык жана практикалык мааниси** – диссертацияда иштелип чыккан теориялык жоболор жана жыйынтыктар кыргыз тил илиминин өркүндөшүнө салымын кошмокчу. Илимий изилдөөнүн жыйынтыктарын түркологиялык изилдөөлөрдө, кыргыз жазуусунун тарыхы багытындагы илимий иштерди жүргүзүүдө колдонууга, “Кыргыз жазуусунун тарыхы”, “Байыркы кыргыз тили” боюнча окуу программаларын, окуу куралдарын жазууга, аталган темадагы курстарды, лекцияларды өтүүгө, ошондой эле курстук, дипломдук, магистрлик иштерди жазууга өбөлгө боло алат.

**Резюме**

диссертации Джаманкуловой Кульжамал Тологоновны «Историческое развитие кыргызской письменности (с древнейших времен до X века)» на соискание ученой степени доктора филологических наук (специальность 10.02.01 -- кыргызский язык).

**Ключевые слова:** письменные памятники, графика, грамматология, семасиография, пиктографические письмена, тамговые знаки, словесные (логографические) письмена, «животный стиль», мотивы рога, орнамент, фонография, енисейская письменность, орхоно-енисейская письменность, таласская письменность.

**Объект исследование --** кыргызские письмена с древнейших времен до X века н.э.

**Предмет исследования** -- виды письменности, которыми пользовались древние кыргызы, функции этих письмен, их семантическая природа, эволюция развития, периоды использования.

**Цель исследования** -- изучение письменных источников, использованных кыргызами с древних времен до X века н.э., определение письменного статуса, классификация, установление времени их применения и использования, раскрытие их функций и смысловых значений.

**Методы исследования** -- в исследовании применялись эмпирико-теоретический, диахронный и синхронный методы, проводился анализ и синтез, использовались индуктивные и дедуктивные методы исследования.

**Новизна исследования** -- 1) изучены и классифицированы письмена, использованные древними кыргызами до X века; 2) изучены и проанализированы пиктографические письмена, тамговые знаки и словесные (логографические) письмена, их функции и значение, а также периоды их применения и использования; 3) определены и изучены роль и значение кыргызских тамговых знаков, являющихся основой орхоно-енисейской письменности; 4) исследован эволюционный процесс словесных письменностей; 5) охарактеризована смешанная система фонографического письма (вокально-буквенная, консонантно-буквенная, слогово-буквенная); 6) изучена принадлежность енисейской письменности енисейским кыргызам и ее архаичность по сравнению с орхонской письменностью (V век н.э.), синхронность и сходство таласской и енисейской письменностей в смысле их значения и графического исполнения (V век н.э.).

**Теоретическое и практическое значение исследования** -- теоретические положения и научные выводы диссертации призваны внести существенный вклад в развитие кыргызского языкознания; выводы и положения могут широко использованы в тюркологических исследованиях, в работах по истории кыргызской письменности, в таких учебных пособиях и программах, как “История кыргызской письменности”, “Древний кыргызский язык”, лечь в основу соответствующих учебных пособий, тематических семинаров, лекционных курсов, дипломных, магистерских и других исследований.

**Resume**

for the doctorate thesis by Jamankulova Kuljamal Tologonovna "Historical Development of the Kyrgyz Script (From Ancient Times Till X Century A.D.)" . 10.02.01 -- Kyrgyz Language

**Key words:** script heritage, graphics, grammatology, semasioraphics, drawing (pictographic) scripts, signs and symbols, word like (logographic) symbols, " animalistic style", horn motives, ornament, phonography, Yenissei scripts, Orckhon- Yenissei scripts, Talas scripts.

**Object of the thesis** -- the Kyrgyz scripts from ancient times till X century A.D.

**Subject of the thesis** -- varieties of scripts, being used by the ancient Kyrgyz, their function, semantic nature, evolution of development, periods of application.

**Objectives of the thesis --** investigating of ancient scripts, being used by Kyrgyz from ancient times till X century A.D.; learning their scripture status; qualification, clarification a time of their practice, a role and cultural importance in spiritual life of the Kyrgyz.

**Methods of the thesis** -- in dissertation are being applied such methods as empirical as well as theoretical, diachronic and synchronic approach to the subject, relying on analyze and synthesis, induction and deduction in investigation.

**Novelty of the thesis:** 1) It has been investigated and qualified the ancient scripts, being used by the Kyrgyz people from ancient times till X century A.D. 2) investigated and analyzed pictographic scripts, tamga signs and word like (logographic) writings, their functions and significance, including the times of application and practice 3) it has been investigated a role and importance of signs and symbols in the system of Orckhon-Yenissei and Talas scripts 4) investigated and qualified evolving process of setting a dictionary 5) investigated and being given a description in details a mixed system of phonographic writing (vocalistic and literally, consonant-literally, writing in stops, etc.) 6) investigated an appurtenance the Yenissean scripts to the Yenissean Kyrgyz, and their archaic nature in regards to Orckhon scripts (Ⅴcentury A.D.); systesynchronic character and commonality of Yenissei and Talas scripts in the cense of their importance and graphic performance (Ⅴcentury A.D.).

**Theoretical and practical benefits of the thesis --** theoretical thesisis and scholarly results of the thesis could be widely used by investigators and may represent an essential contribution to the Kyrgyz linguistics. Main conclusions and scholarly results would be useful in turkology in wide cense of the term, as well as in handbooks and curriculums on the Kyrgyz scripts for universityes, schools, helpful in seminars, lecturing courses, providing seminars and colloquiums; the results of the thesis may be used as additional literature for secondary and high schools in the Kyrgyz Republic.

06.05.2016-ж. басууга кол коюлду. Өлчөмү 60Х84 1/16.
Кагаз офсет. Офсеттик басуу. Көлөмү 2,5 б.т. Нускасы 150.

Бишкек ш., Раззаков к., 49. ЖИ «Сарыбаев Т.Т.»
т. 62-67-76
e-mail: talant550@gmail.com